БАЛБАК ТҮЛӨБАЕВ

Буга чейин Бишкек мэриясынын аппаратын жетектеп келген бул жигиттин багы ачылды. Өкмөттүн Ысык-Көл облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү болуп дайындалган Балбак Түлөбаев кечээ өкүлчүлүктүн жамаатына тааныштырылды.

АКЫЛБЕК ОСМОНАЛИЕВ

Балбак Түлөбаевге кызматын өткөрүп берген мурдагы өкүл мындан ары Өкмөт Аппаратынын жетекчисинин биринчи орун басары болуп дайындалды.



ПАНДЕМИЯ КУРМАНДЫКТАРЫ ЭСКЕРИЛЕТ

30-июль – жалпы улуттук аза күтүү күнү деп жарыяланды. Бул боюнча тиешелүү жарлыкка Мамлекет башчысы Сооронбай Жээнбеков 27-июлда кол койду.

2-БЕТТЕ

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

Эркин Тоо

№59 (3131)

WWW.ERKINTOO.KG

Шейшемби, 2020-жылдын 28-июлу

АЙТЫЛГАН СӨЗ ЖЕРДЕ КАЛБАЙТ

“Стационарларга кайрылган бейтаптардын саны азая баштаганы бизди кубандырат. Бирок, пандемиянын экинчи толкуну болушу мүмкүн деп айтылууда. Андыктан, биз күзгө жана кышка даяр болушубуз керек”, - деди ишемби күнү Бишкек шаарында 100 орундуу жугуштуу оорулар ооруканасынын кошумча имаратынын пайдубалын түптөө иш-чарасына катышкан Президент Сооронбай Жээнбеков. Ушундай эле оорукана Ош шаарында курулат.

2-БЕТТЕ

КОРОНАВИРУС ХРОНИКАСЫ

27-июлга карата Казакстанда коронавирус менен ооругандардын саны – 83122, айыккандары – 52571, каза тапкандары – 585 адамды түздү. Кыргызстанда оору жуккандардын саны – 33296, айыккандары – 21205, көз жумгандары – 1301ге жетти. Өзбекстанда бул көрсөткүч - 20820, айыккандары – 11105, каза тапкандары – 117, Тажикстанда – 7192, айыккандары – 5970, каза тапкандары – 59.
Ал эми ооругандардын саны бүт дүйнө жүзү боюнча 16,1 миллиондон ашып, 645 миң адам каза тапты.

Жамгырлуу саратан

28-июлда өлкөбүздүн дээрлик бардык облустарында кыска мөөнөттүү жаан-чачындар кайталанат. Абанын температурасы +35 градуска чейин ысыйт. Чолпон-Атада +22 градус жылуу болот.

ПРЕЗИДЕНТ КРЕДИТТИК САЯСАТ, ЫКТЫЯРЧЫЛАР, ҮЙ-БҮЛӨСҮ ЖАНА БАШКАЛАР ЖӨНҮНДӨ

25-июлда Президент Сооронбай Жээнбеков Коомдук телерадиоберүү корпорациясынын "Биринчи радиосуна" маек берди.

Кезектеги радиомаегинде Мамлекет башчысы кредит жана кредиттик саясат маселесине кеңири токтолду. Ал буга чейин 5-10, 15-20 жыл мурун алынган карыздарды төлөй турган учурлар келгенин, 5 жылдык мөөнөт менен алынган оор кредиттердин төлөө мөөнөтү дагы келип калганын айтып, карыздардын мөөнөтүн узартуу боюнча тынбай сүйлөшүүлөр жүргүзүлүп жатканына токтолду. "Февраль айынан баштап бардык финансы институттары, тиешелүү мамлекет жетекчилери менен телефон аркылуу сүйлөшө баштагам. Анын жыйынтыктары болуп жатат. Маселен, июнь айында Париж клубунун кредиторлору менен тышкы карызды төлөө мөөнөтүн жылдыруу жөнүндө тиешелүү Меморандумга кол коюлду. Андан тышкары, Кытай тарап менен, Париж клубунун мүчөлөрү - Германия, Франция, Дания, Корея, Япония менен, Сауд өнүктүрүү фонду, Кувейт экономикалык өнүктүрүү фонду менен да тышкы карызды төлөөнү убактылуу токтотуп туруу жөнүндө сүйлөшүүлөргө жетиштик. Аларга да рахмат, туура түшүнүп, муну дагы колдоп бериштери. Ошондой эле „G20" тобуна кирген 20 ири мамлекеттин алкагында да тышкы карызды төлөөнү убактылуу токтотуп туруу жөнүндө макулдаштык", - деп баса белгиледи Президент.

Мамлекет башчысы мындан ары кредиттик саясатты өзгөртүп, 5 жылдык кыска мөөнөттүү кредиттерди алганды токтотобуз деп билдирди. Биз тышкы карыздын жүгүн мындан ары жеңилдетишибиз керек. Ошондуктан, алсак дагы жеңилдетилген кредиттерди, айрыкча гранттарды алганыбыз туура болот. Бул багытта иштеп жатабыз, - деп белгиледи Президент. Алынган каражаттар биринчи кезекте калктын деп соолугу үчүн курч бойдон калып жаткан таза суу, жумушчу орун түзө турган ирригация тармагын оңдоо жана куруу боюнча долбоорлорду ишке ашырууга багытталарын белгиледи. Ошондой эле Мамлекет башчысы «айлана-чөйрөнү жакшыртууга багытталган аракеттер менен карызды жоюу» механизмин колдонуу демилгеленип жатканын айтып, бул маселени бардык эл аралык форумдарда, аянтчаларда көтөрөбүз», - деп билдирди.

Президент «Маалыматты манипуляциялоо жөнүндөгү» мыйзам тууралуу айтып, бул мыйзам бизге керек, бирок аны дагы бышырыш керек, - деп белгиледи. «Долбоорду жактагандар да, ага каршы чыккандар да бар. Менин позициям - мындай мыйзам биздин өлкөгө керек. Эң биринчи кезекте, азыр баарыбыз айтып жаткан адам укугун, ден соолугун коргоо үчүн зарыл. Биз адамдарды жалган жалаадан, фейк маалыматтан сакташыбыз керек», - деп баса белгиледи Президент. Ал мыйзамдын негизги философиясын - жалган маалыматка каршы күрөшүү зарылдыгын колдойт.

Президент өзүнүн конституциялык укугуна таянып бул мыйзамды кайра иштеп чыгуу үчүн кайра кайтара турганын билдирди.

Эл көп айтып жаткан маселелердин бири сырттан келген каржылык жана гуманитардык жардамдарды пайдалануунун ачыкайкындыгы тууралуу айтып, "келген гуманитардык жардамдардын метрине, килограммына чейин эл билиши керек", - деп билдирди Президент Сооронбай Жээнбеков. Президент айрым маселелер чыгып калып жатканын, маселен, кечээ жакында эле Дүйнөлүк банк Кыргызстанга гранттын негизинде «тез жардам» унааларын бергендигин, аларды кымбат алып келген деген маселелер айтылганын баса белгиледи. Мамлекет башчысы Республикалык штаб күнү-түнү иштеп жатканын, ал Премьер-министр Кубат Боронов жана башка жооптуу чиновниктер менен дайыма байланышта экенин кошумчалады.

«Сынды, коомдогу болуп жаткан нааразычылыктарды мен да күнүгө айтып турам. Премьер-министрден баштап, бардык тиешелүү мамлекеттик орган жетекчилеринин өздөрүндө да толук маалымат бар. Эмне үчүн дегенде азыр биздеги болгон кемчиликтердин бардыгы тең социалдык түйүндөрдө ачык айтылып, ачык жазылып атат. Кайрылып жатышат», - дейт Мамлекет башчысы.

Сооронбай Жээнбеков ошондой эле кышка, жаңы окуу жылына даярдык көрүү маселелери дагы иштелип жатканын белгиледи.

Мындан сырткары, айылдардагы, райондордогу элди илдеттен коргоп калуу, алдын алуу чараларын көрүү боюнча маселелер бар экенин баса белгиледи. Ошондой эле ооруп калгандарга мамлекет тарабынан жетишерлик жардам көрсөтүү жана дары-дармек менен камсыз кылуу боюнча иштер күчөтүлүп жатканын айтты.

Мамлекет башчысы кандай гана кыйынчылыктар болбосун, калган тармактарды да унутпоо керектигин өзгөчө белгиледи. Алардын ичинде экономикага абдан көңүл буруу зарыл. «Буга чейин башталган долбоорлор токтобойт, бул багыттагы бардык иштер ишке ашат жана көзөмөлдө турат. Алар боюнча унуткан жокпуз, иш алып барып жатабыз», - деп баса белгиледи Президент.

Мамлекет башчысы кабарчынын социалдык түйүндөрдө Президенттин кызы жөнүндөгү талкууларга карата суроосуна жооп берип, кызы жана жубайынын кайрымдуулук иштери туурасында айтып берди. Мамлекет башчысынын айтымында жубайы бир канча жылдардан бери мүмкүнчүлүккө жараша кайрымдуулук иштерин жасап келет. Бирок, жубайынын жардам берип жаткан жардам алган кишилер билбейт. «Оң колуң бергенди сол колуң билбесин» деген принцип менен иштеп келе жатат. Азыр деле үй-бүлөбүздүн мүмкүнчүлүгүнө жараша ошол кайрымдуулук иштерди улантат», - деди Сооронбай Жээнбеков. Ал кызы тууралуу маалыматты да тактап, ал дарыгер эместигин, Славян университетинде финансы адистигине окуп, бүткөнүн жана учурда экинчи уулдуу болуп үйдө экендигин билдирди. Мамлекет башчысы кыз бала ата-энеге өзгөчө күйүмдүү болоорун айтып, «айрыкча мага абдан күйөт, терс таасирин тийгизип албайын деп өзүн көп нерседен чектейт. Кайрымдуулук иштерин деле тынч улантып жатат. Аны токтотпойт деп ойлойм», - деп белгиледи Президент Сооронбай Жээнбеков.

Мамлекет башчысы ыктыярчылар менен болгон жолугушуудан алган таасирлери тууралуу айтып, өлкөдөгү ыктыярчылар кыймылынын мүмкүнчүлүктөрүн баалады. Президент эл башына кыйынчылык түшкөн кырдаалда ыктыярчылар кыймылы ар дайым жанданаарын айтып, Ош коогалаңын жана Дача-СУ трагедиясын эске салды. «Азыр дагы кыйынчылыкта эл биригүүдө. Бул табигый көрүнүш. Кылып жаткан ишин жарыялаганы бар, унчукпай, билгизбей, көргөзбөй жасагаганы бар. Ыктыярчылар - чоң күчкө айланды. Муну баарыбыз реалдуу көрүп турабыз», - деп белгиледи Сооронбай Жээнбеков. Мамлекет башчысы Кыргызстандагы ыктыярчылар кыймылы азырынча стихиялуу болуп жатканын белгиледи.

Турмуштун бардык катмарына таасирин тийгизген ыктыярчылардын болушу - бул ошол коомдун зиректиги. Бизде деле азыр өлкөдөн сырттагы мекендештерибиз дагы өз жардамдарын аябай, жакындарына, айылына, районуна, мекемелерге жардам берип атышат. Менин ыктыярчылар менен жолугушуумда анын катышуучулары ыктыярчылардын макамын мыйзам алкагында аныктоону өтүнүшкөн, - деп белгиледи Президент. «Келечекте парламент ушул багытта иштесе жакшы болот деп ойлойм. Бул туура коюлган маселе. Мен дагы колдойм. Муну бир нормативдик документ менен жолго салышыбыз керек", - деди Мамлекет башчысы.

Президент Сооронбай Жээнбеков радиомаегинде мекендештерди медициналык талаптарды сактоого дагы бир ирет чакырды.

ЖАҢЫ ООРУКАНАНЫН ПАЙДУБАЛЫН ТҮПТӨӨГӨ КАТЫШТЫ

25-июлда Бишкекте Республикалык жугуштуу оорулар ооруканасынын кошумча курулушунун пайдубалын түптөө Президент Сооронбай Жээнбековдун катышуусу менен башталды.

Мамлекет башчысы пандемиянын экинчи толкуну болушу мүмкүндүгүнөн улам күз жана кыш мезгилине даяр болушубуз керектигин жана бул багытта тиешелүү иштер жүрүп жатканын белгиледи. Республикалык жугуштуу оорулар ооруканасынын аймагына курулуп жаткан ооруканада 100 орунга эсептелип, тез курулчу конструкция менен курулат. Учурда иш башталып, курулушту кыска мөөнөттүн ичинде бүткөрүү пландаштырылууда. Ушундай эле ооруканандын курулушу Ош шаарында да ишке ашырылмакчы. Президент булардан тышкары да мамлекеттик-жеке өнөктөштүк шартында инвесторлорду тартуу менен Бишкекте, Ошто жана өлкөнүн бардык аймактарында комплекстүү ооруканалар курула тургандыгын баса белгиледи.

«Биздин жарандар заманбап медициналык кызмат көрсөтүүлөрдү комплекстүү түрдө бир жерден ала алгандай көп багыттуу ооруканаларды курабыз. Мамлекеттик-жеке өнөктөштүк принциби боюнча кызматташууга кызыкдар инвесторлор бар», - деди Мамлекет башчысы ооруканандын жамааты менен баарлашууда.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА 2020-ЖЫЛДЫН 30-ИЮЛУН УЛУТТУК АЗА КҮТҮҮ КҮНҮ ДЕП ЖАРЫЯЛОО ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

ЖАРЛЫГЫ

2020-жылдын 11-мартында Дүйнөлүк саламаттык сактоо уюму COVID-19 жаңы коронавирустук инфекциясынын (мындан ары - коронавирустук инфекция) жайылышын пандемия деп жарыялады.

Кыргыз Республикасында коронавирустук инфекция жайыла баштаган учурдан тартып көптөгөн мекендештерибиз илдеттен каза тапты. Бул Кыргызстандын эли үчүн оор жоготуу болду.

Каза болгондорго аза күтүү менен, алардын тууганларынын жана жакындарынын кайгысын тең бөлүшүп, **токтом кылам:**

1. Коронавирустук инфекциянын пандемиясынан каза тапкан жарандарды эскерүү үчүн Кыргыз Республикасында 2020-жылдын 30-июлу улуттук аза күтүү күнү деп жарыялансын.

2. Аза күтүү күнү зарыл иш-чаралар жүзөгө ашырылсын, анын ичинде Кыргыз Республикасынын бүткүл аймагында, ошондой эле чет өлкөдөгү дипломатиялык жана консулдук өкүлчүлүктөрдүн имараттарында Кыргыз Республикасынын мамлекеттик туулары ылдый түшүрүлсүн.

3. Кыргыз Республикасынын маданият мекемелерине жана телерадиокомпанияларына аза күтүү күнү оюн-зоок иш-чараларын жана берүүлөрүн токтотуу сунушталсын.

4. Бул Жарлык кол коюлган күндөн баштап күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Президенти С.ЖЭЭНБЕКОВ

Бишкек ш., 2020-жылдын 27-июлу, ПЖ №153

ОШТО ДА КОШУМЧА ООРУКАНА КУРУЛУШУ БАШТАЛДЫ

25-июлда Ош шаарындагы жугуштуу оорулар ооруканасынын курулушунун пайдубалын түптөө ишчарасына Премьер-министр Кубатбек Боронов катышты.

«Пандемиянын экинчи толкуну боюнча маалыматтар айтылууда. Ошондуктан пайдубалы түптөлүп жаткан жаңы ооруканандын курулушун тез, ошол эле учурда сапаттуу бүткөрүү керек. Бул медициналык жай интенсивдүү терапиясы жана реанимациялык орундары менен болот», - деди Өкмөт башчысы.

Оорукана Ош шаарындагы жугуштуу оорулар ооруканасынын аймагына тез тургузулуучу конструкция менен курулат.

Премьер-министр Кубатбек Боронов Ош облусунун Кара-Суу районундагы Баш-Булак айылында ооруканага ылайыкташтырыла турган имараттын абалы менен таанышты.

Өкмөт башчысы багыты өзгөртүлүп, медициналык мекеме болуп жасала турган имаратты оңдоо иштерин сапаттуу жүргүзүү тапшырмасын берди.

Даярдаган Бегим ТУРДАЛИЕВА

"КЕРЕКТӨӨЧҮЛӨРДҮН УКУКТАРЫН КОРГОО ЖӨНҮНДӨ" КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

2020-жылдын 10-июнунда Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган

1-берене

"Керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Ведомосттору, 1998-ж., №2, 5-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) преамбуланын экинчи абзацы күчүн жоготту деп таанылсын;

2) 1^1-беренеде:

а) он үчүнчү абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"**мамлекеттик контролду (көзөмөлдү) жүзөгө ашыруучу ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган** - техникалык регламенттердин жана өлчөө бирдейлигин камсыз кылуу жагындагы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарынын сакталышына контролду (көзөмөлдү) жүзөгө ашыруучу Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан ыйгарым укук берилген мамлекеттик орган;";

б) берене төмөнкүдөй мазмундагы абзацтар менен толуктасын:

"ыйгарым укуктуу орган - керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо чөйрөсүндө тармактар аралык координациялоону жүзөгө ашыруучу Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан ыйгарым укук берилген мамлекеттик орган;

монополияга каршы мамлекеттик орган - товарларды (иштерди, кызмат көрсөтүүлөрдү) сатып алууда керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо чөйрөсүндө мамлекеттик контролду жүзөгө ашыруучу Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан ыйгарым укук берилген мамлекеттик орган.";

3) 9-беренеде:

а) 1-пунктунун биринчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"1. Даярдоочу (аткаруучу, сатуучу) керектөөчүгө товарларды туура тандап алуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуучу товарлар (иштер, кызмат көрсөтүүлөр) тууралуу зарыл жана так маалыматты өз убагында берүүгө милдеттүү.";

б) 2-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«2. Товарлар (иштер, кызмат көрсөтүүлөр) жөнүндө маалымат милдеттүү түрдө төмөнкүлөрдү камтууга тийиш:

товардын (иштин, кызмат көрсөтүүнүн) аталышын;

сунушталып жаткан иштердин (кызмат көрсөтүүлөрдүн) түрлөрүн жана өзгөчөлүктөрүн;

эгерде товар (иш, кызмат көрсөтүү) техникалык регламенттерде, стандарттарда белгиленген талаптарга ылайык келүүсүн ырастоо жол-жобосунан өтүүгө тийиш болгон учурда, ылайык келүү белгисин;

техникалык регламенттердин талаптарына ылайык келүүсү жөнүндө маркалоону;

товарлардын (иштердин, кызмат көрсөтүүлөрдүн) негизги керектөөчүлүк касиеттери жөнүндө маалыматтарды, ал эми тамак-аш азыктарына карата - курамы жөнүндө маалыматтарды (анын ичинде аларды даярдоо процессинде пайдаланылуучу башка тамак-аш азыктарынын жана тамак-аш кошулмаларынын тизмегин), тамак-аш азыктарында гендик-инженердик-модификацияланган организмдерди колдонуу менен алынган компоненттердин болушу, тамак-аш азыктарынын салмагы жана көлөмү, калориялуулугу, аларда ден соолук үчүн зыяндуу заттардын камтылышы жөнүндө, ошондой эле оорулардын айрым түрлөрүндө колдонуу үчүн болбой турган жактары жөнүндө маалыматтарды (маркировкалоону);

товардын (иштин натыйжасынын) санын (көлөмүн) же комплекттүүлүгүн;

товарлардын (иштердин, кызмат көрсөтүүлөрдүн) улуттук валютадагы жана (же) пайыздык туюнтмадагы баасын, комиссиялык сый акыларын жана тарифтерин, ошондой эле сатып алуу шарттарын;

эгерде ал ушул Мыйзамга ылайык белгиленсе, кепилдик мөөнөтүн;

товарларды (иштерди, кызмат көрсөтүүлөрдү) натыйжалуу жана коопсуз пайдалануу эрежелерин жана шарттарын;

товарлардын (иштердин) ушул Мыйзамга ылайык белгиленген даярдалган күнүн, колдонулуу мөөнөтүн же жарактуулук мөөнөтүн, ошондой эле көрсөтүлгөн мөөнөттөр өткөндөн кийин керектөөчүнүн зарыл болгон аракеттери жана эгерде товарлар (иштер) көрсөтүлгөн мөөнөттөр өткөндөн кийин керектөөчүнүн өмүрү, ден соолугу жана мүлкү үчүн коркунуч келтирсе же арналышы боюнча пайдалануу үчүн жараксыз болуп калса, мындай аракеттерди аткарбай коюунун мүмкүн болгон кесепеттери жөнүндө маалыматтарды;

даярдоочунун (аткаруучунун, сатуучунун) жайгашкан жерин (юридикалык дарегин) жана даярдоочу (сатуучу) тарабынан керектөөчүлөрдөн дооматтарды кабыл алууга ыйгарым укук берилген жана товарды (ишти) оңдоочу жана техникалык жактан тейлөөчү уюмдун (уюмдардын) жайгашкан жерин;

эгерде аларды белгилөө мыйзамдарда, техникалык регламенттерде каралган учурларда, товарлардын энергетикалык натыйжалуулугунун класстары жөнүндө, ошондой эле имараттардын энергетикалык натыйжалуулугунун мыйзамдардын талаптарына ылайык келүүсү жөнүндө маалыматтарды;

товарларды сатуу (иштерди аткаруу, кызматтарды көрсөтүү) эрежелери жөнүндө маалыматтарды.

Эгерде керектөөчү сатып алган товар мурда колдонулган болсо же анын кемчилиги (кемчиликтери) четтетилсе, керектөөчүгө бул тууралуу маалымат берилүүгө тийиш.»;

4) 11-бereненин 1-пункту күчүн жоготту деп таанылсын;

5) 16-беренеде:

а) 2-пунктунда «Жарандык процесстик кодексинин 28-статьясында» деген сөздөр «Жарандык процесстик кодексинде» деген сөздөргө алмаштырылсын;

б) 3-пунктунда «товарлардын (иштердин, кызматтардын) сапатын жана коопсуздугун контролдоочу мамлекеттик башкаруу органдары» деген сөздөр «мамлекеттик контролду (көзөмөлдү) жүзөгө ашыруучу ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган» деген сөздөргө алмаштырылсын;

в) 4-пунктунда «товарлардын (иштердин, кызматтардын) сапатына жана коопсуздугуна контролду жүзөгө ашыруучу мамлекеттик башкаруу органдары» деген сөздөр «мамлекеттик контролду (көзөмөлдү) жүзөгө ашыруучу ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган» деген сөздөр менен алмаштырылсын;

г) 6-пунктунда «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары (комиссиялары)» деген сөздөр «Ыйгарым укуктуу монополияга каршы орган, мамлекеттик контролду (көзөмөлдү) жүзөгө ашыруучу ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган» деген сөздөргө алмаштырылсын; «администрациялык» деген сөз алып салынсын;

б) 24-беренеде:

а) 1-пунктунун үчүнчү абзацы «азык-түлүк эмес товар» деген сөздөрдөн кийин «, анын ичинде мурда колдонулбаган, арзандатылган жана төмөндөтүлгөн баада сатып алынган товарды» деген сөздөр менен толуктасын;

б) 2-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«2. Керектөөчү сапаты талаптагыдай товарды кайра кайтарганда анын товар үчүн төлөнгөн акчалай сумманы кайтаруу жөнүндө талабы сатуучу тарабынан токтоосуз канаттандырылууга тийиш. Эгерде керектөөчүнүн талабын токтоосуз канааттандырууга мүмкүн болбогон учурда, талапты канааттандыруу үчүн максималдуу мөөнөт жети күндөн ашпоого тийиш.»;

7) 24^1-беренеде:

а) 2-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«2. Керектөөчүгө товар жеткирилген учурда, ушул Мыйзамдын 9-беренесинде каралган товар жөнүндө маалымат, ошондой эле ушул бereненин 3-пунктунда каралган товарды кайтаруунун тартиби жана мөөнөттөрү жөнүндө маалымат жазуу жүзүндө берилүүгө тийиш.»;

б) берене төмөнкүдөй мазмундагы 4-пункт менен толуктасын:

«4. Сапаты талаптагыдай болбогон товарды аралыктык ыкма менен сатуунун кесепеттери ушул Мыйзамдын 17 - 23-беренелеринде каралган жоболордо белгиленген.»;

8) 26, 28 - 35-беренелер күчүн жоготту деп таанылсын;

9) 27-беренеде:

а) он бешинчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«товарлар (иштер, кызмат көрсөтүүлөр) үчүн эсептешүүдө төлөм системасы чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте банктык төлөм карталарын, электрондук акчаларды пайдалануу менен операцияларды жүргүзүү үчүн арналган жабдууларды (программалык-техникалык түзүлүштү) пайдалануу менен сатып алуучунун накталай эмес формада төлөө ыкмасын тандап алуусун чектөөгө. Сатуучулардын (аткаруучулардын) тизмеги, ошондой эле сатуучулар (аткаруучулар) банктык төлөм карталарын жана/же электрондук акчаларды кабыл алуу жана тейлөө үчүн жабдууну (программалык-техникалык түзүлүштү) өздөрүндө орнотууга милдеттүү болгон критерийлер Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы менен макулдашуу боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталат;»;

б) берене төмөнкүдөй мазмундагы абзац менен толуктасын:

«тийиштүү ыктыярдуу сертификаты жок туруп, продукцияга (көрсөтүлгөн кызматка) ыктыярдуу сертификат маркасын (органикалык жана/же адал продукция жана кызмат көрсөтүүлөр) коюуга.»;

10) 39-беренеде:

а) экинчи бөлүгү күчүн жоготту деп таанылсын;

б) үчүнчү бөлүгүндө «келишимде (тараптардын макулдашуусунда) белгиленген» деген сөздөр «тараптар менен макулдашылган» деген сөздөргө алмаштырылсын;

11) 46-бereненин экинчи бөлүгү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«Керектөөчү аткаруучу толугу менен бүтүргөн ишке (көрсөтүлгөн кызматка) аны керектөөчү кабыл алгандан кийин төлөп берүүгө милдеттүү. Керектөөчүнүн макулдугу менен иш (кызмат көрсөтүү) келишим түзүүдө толук өлчөмдө же аванс берүү жолу менен төлөнүшү мүмкүн.»;

12) V глава төмөнкүдөй мазмундагы 48^1-берене менен толуктасын:

«48^1-берене. Ыйгарым укуктуу органдын ыйгарым укуктары

1. Ыйгарым укуктуу орган:

керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясаттын негизги багыттары боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө сунуштарды киргизет;

керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясатты ишке ашыруу камсыз кылуу боюнча мамлекеттик органдардын ишин тармактар аралык координациялоону жүзөгө ашырат;

керектөөчүлөрдүн даттанууларына жарым жылдык, жылдык талдоо жана керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо маселелери боюнча мамлекеттик органдардын ишине жыл сайын талдоо жүргүзөт;

мамлекеттик органдарга алардын ушул Мыйзамды жана керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо чөйрөсүндөгү башка ченемдик укуктук актыларды бузуу менен кабыл алган чечимдерин жокко чыгаруу боюнча сунуштарды (сунуштамаларды) киргизет;

керектөөчүлөрдүн коомдук бирикмелеринин бирдиктүү реестрин түзөт, жүргүзөт жана пайдаланат.

2. Ыйгарым укуктуу органдын алдында керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо боюнча координациялык кеңеш түзүлөт.»;

13) 49 - 52-беренелер төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«49-берене. Монополияга каршы мамлекеттик органдын ыйгарым укуктары

Монополияга каршы мамлекеттик орган өзүнүн ыйгарым укуктарынын чегинде:

керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо жаатындагы мамилелерди жөнгө салуучу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана башка ченемдик укуктук актыларынын сакталышына мамлекеттик контроль жүргүзөт;

даярдоочуларга (аткаруучуларга, сатуучуларга) керектөөчүлөрдүн укуктарын бузууларды токтотуу жөнүндө жазма эскертүүлөрдү жиберет;

ыйгарым укуктуу органга керектөөчүлөрдүн укуктарын бузуулар жана керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо чөйрөсүндөгү иштер жөнүндө келип түшкөн кайрылуулар боюнча жылдык маалыматты отчёттук жылдан кийинки жылдын 1-февралынан кечиктирбестен жана жарым жылдык маалыматты учурдагы жылдын 1-августунан кечиктирбестен берет.

50-берене. Мамлекеттик органдарга маалымат берүү боюнча даярдоочунун (аткаруучунун, сатуучунун) милдети

Даярдоочу (аткаруучу, сатуучу) мамлекеттик контролду (көзөмөлдү) жүзөгө ашыруучу монополияга каршы мамлекеттик органдын, ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын талабы боюнча анык документтерди, жазуу жана оозеки түрдөгү түшүндүрүүлөрдү, ушул Мыйзамда каралган ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруу үчүн зарыл болгон маалыматтарды алар белгилеген мөөнөттө берүүгө милдеттүү.

51-берене. Мамлекеттик контролду (көзөмөлдү) жүзөгө ашыруучу ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын ыйгарым укуктары

Товарлардын (иштердин, кызмат көрсөтүүлөрдүн) коопсуздугун камсыз кылуу максатында техникалык регламенттердин жана өлчөө бирдейлигин камсыз кылуу жагындагы мыйзамдардын талаптарынын сакталышына мамлекеттик контролду (көзөмөлдү) жүзөгө ашыруучу ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган өзүнүн ыйгарым укуктарынын чегинде:

товарлардын (иштердин, кызмат көрсөтүүлөрдүн) коопсуздугуна карата талаптардын жана өлчөө бирдейлигин камсыз кылуу жагындагы мыйзамдарда белгиленген талаптардын сакталышына контролду жүзөгө ашырат;

товарлардын (иштердин, кызмат көрсөтүүлөрдүн) коопсуздугуна карата талаптарды бузууларды четтетүү, мындай товарларды (иштерди, кызмат көрсөтүүлөрдү) өндүрүштөн алып салуу, мындай товарларды чыгарууну жана сатууну (иштерди аткаруу, кызмат көрсөтүүлөрдү) токтотуу, жарактуулук мөөнөтү өтүп кеткен товарларды жана жарактуулук мөөнөтү жана колдонуу мөөнөтү белгиленүүгө тийиш болгон, бирок белгиленбеген товарларды (иштерди) сатууну токтотуу жөнүндө, товар (иштер, кызмат көрсөтүүлөр) жөнүндө анык жана жетиштүү маалымат болбогондо аны сатууну (иштерди аткаруу, кызматтарды көрсөтүүнү) токтотуу жөнүндө, алардын керектөөчүлөрүнүн пикирлери жана бул туурасында керектөөчүлөргө маалымдоо жөнүндө, алардын ар кандай түрдөгү таңгактардагы оролгон товарлардын санынын аларды ачуудагы, сатуудагы жана импорттоодогу таңгактагы санына ылайык келүүсү тууралуу жазма эскертүүлөрдү жөнөтөт;

ыйгарым укуктуу органга керектөөчүлөрдүн укуктарын бузуулар жана керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо чөйрөсүндөгү иштер жөнүндө келип түшкөн кайрылуулар боюнча жылдык маалыматты отчёттук жылдан кийинки жылдын 1-февралынан кечиктирбестен жана жарым жылдык маалыматты учурдагы жылдын 1-августунан кечиктирбестен берет.

52-берене. Ушул Мыйзамда жана Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларында белгиленген керектөөчүлөрдүн укуктарын бузгандыгы үчүн жоопкерчилик

1. Ушул Мыйзамда жана Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларында белгиленген керектөөчүлөрдүн укуктарын бузгандыгы үчүн даярдоочу (аткаруучу, сатуучу) Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө кодексине ылайык жоопкерчилик тартат.

2. Этиятсыздыктан ден соолукка анча оор эмес зыян келтирген керектөөчүлөрдүн өмүрүнүн же ден соолугунун коопсуздугунун талаптарына жооп бербеген товарларды атайылап же этиятсыз өндүрүү же сатуу, иштерди аткаруу же болбосо кызматтарды көрсөтүү, буга тете эле көрсөтүлгөн товарлардын, иштердин же кызмат көрсөтүүлөрдүн коопсуздук талаптарына ылайык келүүсүн ырастаган расмий документти укук ченемсиз берүү же пайдалануу үчүн даярдоочу (аткаруучу, сатуучу) Кыргыз Республикасынын Жоруктар жөнүндө кодексине ылайык жоопкерчилик тартат.

3. Этиятсыздыктан олуттуу зыян келтирген керектөөчүлөрдүн өмүрүнүн же ден соолугунун коопсуздугунун талаптарына жооп бербеген товарларды өндүрүү же сатуу, иштерди аткаруу же болбосо кызматтарды көрсөтүү, буга тете эле көрсөтүлгөн товарлардын, иштердин же кызмат көрсөтүүлөрдүн коопсуздук талаптарына ылайык келүүсүн ырастаган расмий документти укук ченемсиз берүү же пайдалануу үчүн даярдоочу (аткаруучу, сатуучу) Кыргыз Республикасынын Жазык кодексине ылайык жоопкерчилик тартат.

4. Товарларды (иштерди, кызмат көрсөтүүлөрдү) даярдоочулар (аткаруучулар, сатуучулар), сыноо лабораториялары (борборлору) төмөнкүлөргө даттанууга укуктуу:

мамлекеттик контролду (көзөмөлдү) жүзөгө ашыруучу монополияга каршы мамлекеттик органдын, ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын жазма эскертүүлөрүнө Кыргыз Республикасынын административдик иштин негиздери жана административдик жол-жоболор жөнүндө мыйзамдарында каралган сотко чейинки тартипте, андан ары - соттук тартипте;

мамлекеттик контролду (көзөмөлдү) жүзөгө ашыруучу монополияга каршы мамлекеттик органдын, ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө кодексине ылайык айыптарды салуу жөнүндө токтомуна.»;

14) 53-бereненин биринчи бөлүгүнүн төртүнчү абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«сапаты талаптагыдай болбогон, ошондой эле керектөөчүлөрдүн өмүрү, ден соолугу, мүлкү үчүн кооптуу товарлар (иштер, кызмат көрсөтүүлөр) табылганда жана ушул Мыйзамдын башка талаптары бузулганда материалдар мамлекеттик контролду (көзөмөлдү) жүзөгө ашыруучу ыйгарым укуктуу монополияга каршы органга же ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга, алардын ушул Мыйзамдын 49 жана 51-беренелеринде каралган ыйгарым укуктарына ылайык Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө кодексине ылайык жоопкерчилик чараларын көрүү үчүн өткөрүлүп берилет;»;

15) 54-бereнин 2-пункту төмөнкүдөй мазмундагы абзац менен толуктасын:

«ыйгарым укуктуу органдын суроо-талабы боюнча керектөөчүлөрдүн даттанууларынын саны жана мазмуну, уставдык максаттарда жүргүзүлгөн иш-чаралар жөнүндө маалымат берүүгө.»;

16) 55^1-берене күчүн жоготту деп таанылсын.

2-берене

Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Президенти **С.ЖЭЭНБЕКОВ**

Бишкек ш., 2020-жылдын 22-июлу, №84

ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

О ВНЕСЕНИИ ИЗМЕНЕНИЙ В ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ «О ЗАЩИТЕ ПРАВ ПОТРЕБИТЕЛЕЙ»

Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 10 июня 2020 года

Статья 1

Внести в Закон Кыргызской Республики «О защите прав потребителей» (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 1998 г., №2, ст. 5) следующие изменения:

1) абзац второй преамбулы признать утратившим силу;

2) в статье 1^1:

а) абзац тринадцатый изложить в следующей редакции:

«уполномоченный государственный орган, осуществляющий государственный контроль (надзор), – уполномоченный Правительством Кыргызской Республики государственный орган, осуществляющий контроль (надзор) за соблюдением требований технических регламентов и законодательства Кыргызской Республики в области обеспечения единства измерений;»;

б) статью дополнить абзацами следующего содержания:

«уполномоченный орган - уполномоченный Правительством Кыргызской Республики государственный орган, осуществляющий межотраслевую координацию в сфере защиты прав потребителей;

государственный антимонопольный орган - уполномоченный Правительством Кыргызской Республики государственный орган, осуществляющий государственный контроль в сфере защиты прав потребителей при приобретении товаров (работ, услуг).»;

3) в статье 9:

а) абзац первый пункта 1 изложить в следующей редакции:

«1. Изготовитель (исполнитель, продавец) обязан своевременно предоставлять потребителю необходимую и достоверную информацию о товарах (работах, услугах), обеспечивающую возможность их правильного выбора.»;

б) пункт 2 изложить в следующей редакции:

«2. Информация о товарах (работах, услугах) в обязательном порядке должна содержать:

наименование товара (работы, услуги);

виды и особенности предлагаемых работ (услуг);

знак соответствия, в случае если товар (работа, услуга) подлежит процедуре подтверждения соответствия требованиям, установленным техническими регламентами, стандартами;

маркировку о соответствии требованиям технических регламентов;

сведения об основных потребительских свойствах товаров (работ, услуг), а в отношении продуктов питания - сведения о составе (в том числе перечень использованных в процессе их изготовления иных продуктов питания и пищевых добавок), информация (маркировка) о наличии в продуктах питания компонентов, полученных с применением генно-инженерно-модифицированных организмов, весе и объеме, калорийности продуктов питания, содержании в них вредных для здоровья веществ, а также противопоказания для применения при отдельных видах заболеваний;

количество (объем) или комплектность товара (результата работы);

цену, комиссионные вознаграждения и тарифы в национальной валюте и (или) в процентном выражении, а также условия приобретения товаров (работ, услуг);

гарантийный срок, если он установлен в соответствии с настоящим Законом;

правила и условия эффективного и безопасного использования товаров (работ, услуг);

дату изготовления, срок службы или срок годности товаров (работ), установленный в соответствии с настоящим Законом, а также сведения о необходимых действиях потребителя по истечении указанных сроков и возможных последствиях при невыполнении таких действий, если товары (работы) по истечении указанных сроков представляют опасность для жизни, здоровья и имущества потребителя или становятся непригодными для использования по назначению;

место нахождения (юридический адрес) изготовителя (исполнителя, продавца) и место нахождения организации (организаций), уполномоченной (уполномоченных) изготовителем (продавцом) на принятие претензий от потребителей и производящей (производящих) ремонт и техническое обслуживание товара (работы);

сведения о классах энергоэффективности товаров в случаях, если их установление предусмотрено законодательством, техническими регламентами, а также о соответствии энергетической эффективности зданий требованиям законодательства;

сведения о правилах продажи товаров (выполнения работ, оказания услуг).

Если приобретаемый потребителем товар был в употреблении или в нем устранялся недостаток (недостатки), потребителю должна быть предоставлена информация об этом.»;

4) пункт 1 статьи 11 признать утратившим силу;

5) в статье 16:

а) в пункте 2 слова «статьей 28 Гражданского процессуального кодекса» заменить словами «Гражданским процессуальным кодексом»;

б) в пункте 3 слова «органы государственного управления, выполняющие контроль за качеством и безопасностью товаров (работ, услуг)» заменить словами «уполномоченный государственный орган, осуществляющие государственный контроль (надзор)»;

в) в пункте 4 слова «органы государственного управления, осуществляющие контроль за качеством и безопасностью товаров (работ, услуг)» заменить словами «уполномоченный государственный орган, осуществляющие государственный контроль (надзор)»;

г) в пункте 6 слова «органами местного самоуправления (комиссиями)» заменить словами «уполномоченным антимонопольным органом, уполномоченным государственным органом, осуществляющим государственный контроль (надзор),»; слово «административных» исключить;

6) в статье 24:

а) абзац третий пункта 1 после слов «непродовольственного товара» дополнить словами «, в том числе не бывшего в употреблении уцененного и приобретенного по сниженным ценам товара»;

б) пункт 2 изложить в следующей редакции:

«2. При возврате потребителем товара надлежащего качества его требование о возврате уплаченной за товар денежной суммы подлежит удовлетворению продавцом незамедлительно. В случае если удовлетворить требование потребителя незамедлительно не представляется возможным, максимальный срок для удовлетворения требования не может превышать семи дней.»;

7) в статье 24^1:

а) пункт 2 изложить в следующей редакции:

«2. Потребителю в момент доставки товара должна быть в письменной форме предоставлена информация о товаре, предусмотренная статьей 9 настоящего Закона, а также информация о порядке и сроках возврата товара, предусмотренная пунктом 3 настоящей статьи.»;

б) статью дополнить пунктом 4 следующего содержания:

«4. Последствия продажи товара ненадлежащего качества дистанционным способом установлены положениями, предусмотренными статьями 17-23 настоящего Закона.»;

8) статьи 26, 28 - 35 признать утратившими силу;

9) в статье 27:

а) абзац пятнадцатый изложить в следующей редакции:

«ограничивать покупателя в выборе способа оплаты при расчете за товары (работы, услуги) в безналичной форме с использованием оборудования (программно-технического устройства), предназначенного для совершения операций с использованием банковских платежных карт, электронных денег в порядке, установленном законодательством Кыргызской Республики в сфере платежной системы. Перечень продавцов (исполнителей), а также критерии, в соответствии с которыми продавцы (исполнители) обязаны установить у себя оборудование (программно-техническое устройство) для приема и обслуживания банковских платежных карт и/или электронных денег, определяются Правительством Кыргызской Республики по согласованию с Национальным банком Кыргызской Республики;»;

б) статью дополнить абзацем следующего содержания:

«наносить на продукцию (оказываемую услугу) маркировку добровольной сертификации (органической и/или халал-продукции и услуг), не имея соответствующего добровольного сертификата.»;

10) в статье 39:

а) часть вторую признать утратившей силу;

б) в части третьей слова «установленный договором (соглашением сторон)» заменить словами «согласованный сторонами»;

11) часть вторую статьи 46 изложить в следующей редакции:

«Потребитель обязан оплатить выполненную исполнителем в полном объеме работу (оказанную услугу) после ее принятия потребителем. С согласия потребителя работа (услуга) может быть оплачена им при заключении договора в полном размере или путем выдачи аванса.»;

12) главу V дополнить статьей 48^1 следующего содержания:

«Статья 48^1. Полномочия уполномоченного органа

1. Уполномоченный орган:

вносит предложения в Правительство Кыргызской Республики по основным направлениям государственной политики в сфере защиты прав потребителей;

осуществляет межотраслевую координацию деятельности государственных органов по обеспечению реализации государственной политики в сфере защиты прав потребителей;

проводит полугодовой, годовой анализ жалоб потребителей и ежегодный анализ деятельности государственных органов по вопросам защиты прав потребителей;

вносит предложения (рекомендации) государственным органам об отмене решений, принятых ими с нарушением настоящего Закона и иных нормативных правовых актов в сфере защиты прав потребителей;

формирует, ведет и использует единый реестр общественных объединений потребителей.

2. При уполномоченном органе создается координационный совет по защите прав потребителей.»;

13) статьи 49 - 52 изложить в следующей редакции:

«Статья 49. Полномочия государственного антимонопольного органа

Государственный антимонопольный орган в пределах своих полномочий:

осуществляет государственный контроль за соблюдением законов и иных нормативных правовых актов Кыргызской Республики, регулирующих отношения в области защиты прав потребителей;

направляет предписания изготовителям (исполнителям, продавцам) о прекращении нарушений прав потребителей;

представляет в уполномоченный орган не позднее 1 февраля года, следующего за отчетным годом, ежегодную и не позднее 1 августа текущего года - полугодовую информацию по поступившим обращениям о нарушениях прав потребителей и деятельности в сфере защиты прав потребителей.

Статья 50. Обязанность изготовителя (исполнителя, продавца) по предоставлению информации государственным органам

Изготовитель (исполнитель, продавец) обязан по требованию государственного антимонопольного органа, уполномоченного государственного органа, осуществляющих государственный контроль (надзор), предоставлять в установленный ими срок достоверные документы, объяснения в письменной и устной формах, информацию, необходимые для осуществления ими полномочий, предусмотренных настоящим Законом.

Статья 51. Полномочия уполномоченного государственного органа, осуществляющего государственный контроль (надзор)

В целях обеспечения безопасности товаров (работ, услуг) уполномоченный государственный орган, осуществляющий государственный контроль (надзор) за соблюдением требований технических регламентов и законодательства в области обеспечения единства измерений, в пределах своих полномочий:

осуществляет контроль за соблюдением требований к безопасности товаров (работ, услуг) и требований, установленных законодательством в области обеспечения единства измерений;

направляет предписания об устранении нарушений требований к безопасности товаров (работ, услуг), о снятии с производства таких товаров (работ, услуг), прекращении выпуска и продажи таких товаров (выполнения работ, оказания услуг), прекращении продажи товаров с истекшими сроками годности и товаров (работ), на которые должны быть установлены сроки годности или сроки службы, но не установлены, о приостановлении продажи товаров (выполнения работ, оказания услуг) при отсутствии достоверной и достаточной информации о товарах (работах, услугах), об отзыве их от потребителей и информировании об этом потребителей, о соответствии количества фасованных товаров в упаковках любого вида указанному количеству на упаковке при их расфасовке, продаже, импорте;

представляет в уполномоченный орган не позднее 1 февраля года, следующего за отчетным годом, ежегодную и не позднее 1 августа текущего года - полугодовую информацию по поступившим обращениям о нарушениях прав потребителей и деятельности в сфере защиты прав потребителей.

Статья 52. Ответственность за нарушение прав потребителей, установленных настоящим Законом и другими нормативными правовыми актами Кыргызской Республики

1. За нарушение прав потребителей, установленных настоящим Законом и другими нормативными правовыми актами Кыргызской Республики, изготовитель (исполнитель, продавец) несет ответственность в соответствии с Кодексом Кыргызской Республики о нарушениях.

2. За умышленное или неосторожное производство, продажу товаров, выполнение работ либо оказание услуг, не отвечающие требованиям безопасности жизни или здоровья потребителей, а равно неправомерную выдачу или использование официального документа, удостоверяющего соответствие указанных товаров, работ или услуг требованиям безопасности, причинившие по неосторожности менее тяжкий вред здоровью, изготовитель (исполнитель, продавец) несет ответственность в соответствии с Кодексом Кыргызской Республики о проступках.

3. За производство или продажу товаров, выполнение работ либо оказание услуг, не отвечающие требованиям безопасности жизни или здоровья потребителей, а равно неправомерную выдачу или использование официального документа, удостоверяющего соответствие указанных товаров, работ или услуг требованиям безопасности, причинившие по неосторожности значительный вред, изготовитель (исполнитель, продавец) несет ответственность в соответствии с Уголовным кодексом Кыргызской Республики.

4. Изготовители (исполнители, продавцы) товаров (работ, услуг), испытательные лаборатории (центры) вправе обжаловать:

предписания государственного антимонопольного органа, уполномоченного государственного органа, осуществляющих государственный контроль (надзор), в досудебном порядке, предусмотренном законодательством Кыргызской Республики об основах административной деятельности и административных процедурах, а в последующем - в судебном порядке;

постановления о наложении штрафов государственного антимонопольного органа, уполномоченного государственного органа, осуществляющих государственный контроль (надзор) в соответствии с Кодексом Кыргызской Республики о нарушениях.»;

14) абзац четвертый части первой статьи 53 изложить в следующей редакции:

«при выявлении товаров (работ, услуг) ненадлежащего качества, а также опасных для жизни, здоровья, имущества потребителей и при нарушении других требований настоящего Закона передавать материалы в уполномоченный антимонопольный орган или уполномоченный государственный орган, осуществляющий государственный контроль (надзор) в соответствии с его полномочиями, предусмотренными в статьях 49 и 51 настоящего Закона, для принятия мер ответственности в соответствии с Кодексом Кыргызской Республики о нарушениях;»;

15) пункт 2 статьи 54 дополнить абзацем следующего содержания:

«предоставлять по запросу уполномоченного органа информацию о количестве и содержании жалоб потребителей, мероприятиях, проведенных в уставных целях.»;

16) статью 55^1 признать утратившей силу.

Статья 2

Настоящий Закон вступает в силу по истечении пятнадцати дней со дня официального опубликования.

Президент
Кыргызской Республики **С.ЖЭЭНБЕКОВ**

г.Бишкек, 22 июля 2020 года, №84

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ГРАЖДАНДЫК КОДЕКСИНЕ ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

2020-жылдын 11-июнунда Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган

1-берене

Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин I бөлүгүнө (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Ведомосттору, 1996-ж., №6, 80-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 215-статья төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«215-статья. Доонун эскиришин колдонуу

1. Бузулган укукту коргоо жөнүндө талап доонун эскирүү мөөнөтү өткөнүнө карабастан сот тарабынан кароого алынат.

2. Доонун эскириши иш боюнча соттун чечими чыгарылганга чейин ишке катышкан жактардын сотко берилген жазуу жүзүндөгү арызы боюнча гана сот тарабынан колдонулат.

3. Доонун эскирүү мөөнөтүнүн өтүшүн колдонуу жөнүндө ишке катышкан жактар тарабынан билдирилген доонун эскирүү мөөнөтүнүн өтүшү соттун доодон баш тартуу тууралуу чечим чыгаруусуна негиз болуп саналат.

4. Башкы талап боюнча доонун эскирүү мөөнөтүнүн өтүп кетиши менен кошумча талаптар (туум, күрөө, кепилдик берүү) боюнча да доонун эскирүү мөөнөтү бүтөт.

5. Башкы талап боюнча аткаруучу документти аткарууга көрсөтүү мөөнөтү өтүп кеткен учурда кошумча талаптар боюнча доонун эскирүү мөөнөтү өтүп кетти деп эсептелет.»;

2) 216-статья төмөнкүдөй мазмундагы 5-пункт менен толукталсын:

«5. Милдеттенмедеги жактардын алмашуусу доонун эскирүү мөөнөтүнүн жана аны эсептөө тартибинин өзгөрүшүнө алып келбейт.»;

3) Кодекс төмөнкүдөй мазмундагы 219[1]-статья менен толуктасын:

«219[1]-статья. Доонун эскирүү мөөнөтүн калыбына келтирүү

Бузулган укуктарын коргоо жөнүндө сотко талап койгон жарандардын талаптары боюнча доонун эскирүү мөөнөтү калыбына келтирилиши мүмкүн, ал эми жарандардын бузулган укуктарын коргоо үчүн сотко өз убагында кайрылууга мүмкүн болбогон андан көз каранды эмес себептер бар экенин айкын күбөлөндүргөн жагдайлар болгондо, сот доонун эскирүү мөөнөтүн өткөрүп жиберүүнүн себебин жүйөлүү деп тапкан учурларда, бузулган укук сот тарабынан корголууга жатат.

Жыл өткөн сайын билим берүү айдыңы өз кулачын кенен жайып, улам жаңы технология тездик темп менен өнүгүүдө. Бул арада билимге суусап турган улан-кыздар алгач туура максат коюп, ага жетүүгө өз аракеттерин жасоосу абзел. Бул менен бирге дүйнөлүк стандарттагы билим берүү системасына ылайыкташып, тиешелүү көндүмдөргө ээ болуу менен өз билимдерин да кеңейтүүсү кажет. Дал ушул муктаждыкты камсыз кылууда ар бир мектеп бүтүрүүчүсүн кулач жая тосуп алчу жогорку окуу жайлар өз кызматын көрсөтөт.

Жогорку окуу жайга кадам таштаган ар бир абитуриент жогорку билимге ээ болуу менен көңүлдөгү көксөөсүн ишке ашырууга дарамет арттырат. Бараткан багытында окутуучулардын тажрыйбасынан, билиминен пайдаланып үлгүлүү устаттардан сабак алып, билим куржунун толтуруусу керек. Ал үчүн биздин башкы милдет жаштарга туура жол көрсөтүп, ыңгайлуу шартта билим алуусуна мүмкүнчүлүк жаратып берүү болуп эсептелет.

Учурда ар бир окуу жайдын тиешелүү миссиясы, максаты жана милдети бар. Негизгиси учурдун талабына жараша креативдүү, компетенттүү жана татыктуу кадрларды даярдоо болуп саналат. Андыктан өз жашоосуна максаттуу жол салган келечек ээлерин кезектеги билим тепкичин жогорулатуусуна көмөкчү болгон Ош гуманитардык-педагогикалык институтуна чакырам.

Ош гуманитардык-педагогикалык институту системалуу билим берүү процессин жөнгө салып, заман талабына ылайык жеткиликтүү деңгээлде материалдык-техникалык база менен жабдылган. Ар тараптуу өнүккөн, өз кесибинин мыктысы болгон чыгармачыл жана билимдүү адистердин тарбияланып чыгуусу үчүн өзүнүн ак кызматын аткарып келе жатат. ОГПИ азыркы учурда педагог адистерди даярдоодо түптүү билим уяга, ошондой эле мугалимдердин алтын бешигине айланып, коомчулуктун талабын көп жылдык тажрыйбасы менен канааттандырууда.

Маалым болгондой туура кесип тандоо бул жашообуздагы жараткан бир жетишкендигибиз. Бул жетишкендикке жетүүдө мугалимдер маанилүү ролду ойнойт. Мен өзүм педагог катары болочок студенттерди бардык кесиптин башында турган, жөнөкөй адамдан ийгиликтүү инсанды жана башка кесип ээлерин да жарата алган, билим менен казына жыйган мугалимдик кесипти тандоого багыт көрсөтөм. Себеби, мугалимдик кесип коомдо ар дайым актуалдуу жана ардактуу кесип эмеспи.

ОГПИ – студенттик алтын доорунузду татыктуу өткөрүп, келечек пайдубалыңызды сапаттуу курууга кепилдик болуп берет.

Бекмурза ЗУЛУЕВ,
ОГПИнин ректору, педагогика илимдеринин доктору, профессор

ОГПИ – ЖАН ДҮЙНӨСҮ ТАЗА, КЕЛЕЧЕККЕ ИШЕНИМДҮҮ КАРАГАН ЖАШТАРДЫН БИЛИМ ОРДОСУ

Өлкөбүздүн билим берүү айдыңында өзүнүн кулачын кенен жайып, педагогикалык багыттагы сапаттуу кадрларды даярдоонун очогуна айланган Ош гуманитардык-педагогикалык институту 1925-жылдан баштап тарых барагын ачкан. Кезинде Ош педагогикалык

окуу жайы катары биринчилерден болуп Кыргызстандын түштүгүндө өз ишмердүүлүгүн жүргүзүп баштаган. Ошондой эле жыл өткөн сайын жаңыланып, бир топ өзгөрүүлөргө дуушар болгон. Белгилей кетсек, 1994-жылы Ош педагогикалык окуу жайы бир канча жаңы адистиктердин ачылуусу менен Ош педагогикалык колледжи болуп түзүлсө, 1996-жылы Ош жогорку колледжи болуп өзгөргөн.

2002-жылы Кыргыз Өкмөтүнүн №316 токтомунун негизинде Ош жогорку колледжине “Ош гуманитардык-педагогикалык институту” статусу ыйгарылган.

Ош гуманитардык-педагогикалык институту терең пайдубалдуу билимге ээ жогорку квалификациялуу атайын адистерди даярдоочу илимий мекеме катары ийгиликтүү иш-аракеттерди жүзөгө ашырууда. Окуу жайда жалпы 8510 студент таалим алып, 300гө жакын профессордук-окутуучулук курам алгылыктуу эмгектенүүдө. Учурда институтту – ынтымактуулук менен жамаатты алга сүрөп, педагогика илимдеринин доктору, профессор Зулуев Бекмурза Бекболотович жетектеп келүүдө.

ОГПИ – ЖАШТАРДЫН ДЕМИ, УЛУУЛАРДЫН ТАЖРЫЙБАСЫ МЕНЕН!

Институтта студенттерге билим берүүдө 9 илимдин доктору, профессорлор, 38 илимдин кандидаты, доценттер, 47 магистр, 57 ага окутуучу жана 83 окутуучу иш алып барат.

Окуу процесси электрондук башкарууга өткөрүлүп, студенттердин билимин баалоо, сынактарды өткөрүү, окутуучулардын сабактарын уюштуруу иштери толук түрдө автоматташтырылып, “АВН”, КелБил” электрондук программалары аркылуу жүзөгө ашууда.

ОГПИ – КЫЛЫМ МЕНЕН ЖАҢЫ ТЕХНОЛОГИЯНЫН АЙКАЛЫШЫ

Окуу жайда студенттер үчүн заман талабына жооп берген 4 окуу корпусу, 650 орундуу студенттик жатакана, жогорку ылдамдыктагы интернет менен жабдылган компьютердик залдар, электрондук китепкана, виртуалдык лабораториялар, заманбап мультимедиалык каана, видео-проекторлор менен жабдылган лекциялык зал, окуу залдары, китепкана, спорттук жана теннистик корттор менен биргеликте окуу жайдын материалдык-техникалык базасы жылдан-жылга чыңдалууда. Ошондой эле институтта даярдалган ар бир адистик боюнча жаңыдан түзүлгөн усулдук борборлор усулчулар жана болочок мугалимдер үчүн кызмат көрсөтүүдө.

СТУДЕНТТЕР АР ТАРАПТУУ КОЛДООГО ЭЭ

Окууда жана коомдук иштерде активдүүлүгүн көрсөтүп, ийгилик жараткан студенттер окуу жайдын жетекчилигинин демилгеси менен ар тараптуу колдоого ээ болуп келет. Атап айтсак, ар окуу жылынын жыйынтыгы менен 50гө жакын эң мыкты студенттер тандалып, жакынкы чет өлкөлөргө жана өлкөбүздүн 7 дубанына тарыхый-маданий жерлер менен тааныштыруу үчүн окуу жайдын эсебинен жөнөтүлүп келет. Бул менен бирге жыл сайын берилүүчү Президенттик "Үмүт" стипендиясына мыкты студенттер ээ болуп, колдоого муктаж болгон студенттер ай сайын белгилүү өлчөмдө стипендия менен камсыздалууда.

Студенттердин окуудан тышкары чыгармачылыгын өркүндөтүү максатында «Студ kg» газетасы, «Мурас» телестудиясы, «Нона» эстрадалык тобу, «Айымдар» вокалдык тобу, «Элегия» вокалдык тобу, «Чолпон» бийчилер тобу, “Кербез” комузчулар тобу, «Жаратман» чыгармачылык борбору, “Тирек” кол өнөрчүлөр клубу жана студенттик өзүн-өзү башкаруу уюму катары Жаштар комитети алгылыктуу иштерди жүгүзүүдө.

ОГПИ — КЫЗМАТТАШТЫКТАН ИНТЕГРАЦИЯЛЫК БИРИМДИККЕ КАРАЙ

Билим берүүнү өнүктүрүү стратегиясын ишке ашырууда педагогикалык кызматташтык маанилүү орунду ээлейт. Андыктан, Ош гуманитардык-педагогикалык институту да тарбиялоонун тутумдуу бир бөлүгү катары өлкөдөгү бардык жогорку жана атайын орто кесиптик билим берүүчү мекемелер менен ар тараптуу кызматташууну колго алган.

Ошондой эле бир топ алыскы жана жакынкы чет өлкөдөгү 50дөн ашуун окуу жайлары менен байланыш түзүп, алака жүргүзүп келүүдө.

Аталган байланыштардын негизинде окуу жай эл аралык заманбап стандарттарды кабылдап, окутуучулардын жана студенттердин илимий мүмкүнчүлүктөрүн жогорулатууга жол сала алды.

СТУДЕНТТЕР ААЛАМДАШУУ ДООРУНДА

Окутуучулардын жана студенттердин дүйнөлүк стандарттын талаптарына ылайык мыкты адис болуп калыптануусу үчүн англис, орус , кытай, түрк, япон жана немец тилдери боюнча акысыз курстар уюштурулуп, чет жактарга чыгып окуп, тажрыйба алмашып келүүгө мүмкүнчүлүк жаралды. Мындан тышкары, студенттердин түрдүү эл аралык уюмдар, фонддор жана чет өлкөдөгү студенттер менен иш алып баруусун жөнгө салуу үчүн ICC (International Communication Club) Эл аралык студенттер клубу түзүлгөн.

ДҮЙНӨ ЧЕМПИОНДОРУ ТАРБИЯЛАНУУДА

Соңку жылдарда окуу жайдын спорт тармагын өнүктүрүү багытында жетекчилик тарабынан бир топ рационалдуу ыкмалар ишке ашты. Спортчулар үчүн мүмкүн болгон бардык шарттар түзүлүп, алардын шаардык, республикалык жана эл аралык мелдештерге катышуусуна жетиштүү колдоолор көрсөтүлүп келет. Натыйжада эл аралык мелдештердин чемпиондугун багындырып, алтын кур тагынган мушкерлер, бокс, алыш, күрөш боюнча республикалык мелдештин жеңүүчүлөрү окуу жайды дүйнөгө таанытууда.

Ошондой эле республикалык ЖОЖдор арасында жыл сайын өтүүчү универсиадага спорттун 12 түрү боюнча студенттик команда катышып, жогорку жана биринчи лигада алдыңкы орундарды камсыздап келет.

Окуу жайдын түзүлгөнүнө быйыл 95 жылдын жүзү болду. Бул аралыкта абдан масштабдуу бай тажрыйба топтоп, өлкөнүн билим берүүсүнө бараандуу салым кошту. Билим берүү мейкиндиги кеңейди. Классикалык билим берүү менен кошо жаңы инновациялык технологияларды айкалыштырып, окутуунун эл аралык стандарттарына умтулууда.

Учурда окуу жайда 6 факультет, 1 колледж ишмердүүлүк жүргүзүп, төмөндөгү багыттар боюнча адистерди даярдап чыгарууда.

КЫРГЫЗ-РОССИЯ ФАКУЛЬТЕТИ

550300. Филологиялык билим берүү:
- *Кыргыз тили жана адабияты*
- *Орус тили жана адабияты*
- *Кытай тили*

ОРТО КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮЧҮ АДИСТИК (9, 11-кл. базасында):
- 050720. Котормо иши (кытай тили)

ГУМАНИТАРДЫК ФАКУЛЬТЕТИ

550300. Филологиялык билим берүү:
- *Англис тили*

550400. Социалдык-экономикалык билим берүү:
- *Тарых*

540200. Социалдык иш
531500. Аймак таануу (япон тили)

ОРТО КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮЧҮ АДИСТИКТЕР (9, 11-кл. базасында):

032002. Башкарууну документтик камсыздоо жана архив жүргүзүү
050303. Чет тили

ТАБИЯТ ТААНУУ ЖАНА ГЕОГРАФИЯ ФАКУЛЬТЕТИ

550100. Табигый-илимий билим берүү:
- *Биология*
- *География*
- *Химия*

520800. Экология жана жаратылышты пайдалануу

ОРТО КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮЧҮ АДИСТИК (9, 11-кл. базасында):

280201. Экология жана айлана-чөйрөнү коргоо

ДЕНЕ ТАРБИЯ ФАКУЛЬТЕТИ

532000. Дене тарбия

МУЗЫКАЛЫК-ПЕДАГОГИКАЛЫК ФАКУЛЬТЕТИ

550700. Педагогика:
- *Мектепке чейинки билим берүүнүн педагогикасы жана усулу*
- *Башталгыч билим берүүнүн педагогикасы жана усулу*

550600. Көркөм билим берүү (музыка)
530300. Психология

МАТЕМАТИКА ЖАНА КОМПЬЮТЕРДИК ТЕХНОЛОГИЯЛАР ФАКУЛЬТЕТИ

550200. Физикалык-математикалык билим берүү:
- *Математика*
- *Информатика*

510200. Колдонмо математика жана информатика
580200. Менеджмент

ОРТО КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮЧҮ АДИСТИКТЕР (9, 11-кл. базасында):

230701. Колдонмо информатика (тармактар боюнча)
230110. Эсептөө техника каражаттарын жана компьютер тармактарын техникалык тейлөө

КОЛЛЕДЖ

050709. Башталгыч класстарда окутуу
050704. Мектепке чейинки билим берүү
230108. Компьютердик системалар жана комплекстер (тармактар боюнча)
050720. Дене тарбия
080501. Менеджмент (тармактар боюнча)
080106. Финансы (тармактар боюнча)
040101. Социалдык иш

Жогорку билим үчүн окуу мөөнөтү:
- күндүзгү окуу үчүн - 4 жыл;
- сырттан окуу үчүн – 5 жыл.

Атайын орто кесиптик билим үчүн окуу мөөнөтү:
- 11-класстын базасында - 1 жыл 10 ай
- 9-класстын базасында - 2 жыл 10 ай
- 11-класстын (сырттан) базасында - 2 жыл 6 ай

Керектелүүчү документтер:
- ✓ Абитуриенттин арызы;
- ✓ АТТЕСТАТ же ДИПЛОМ (түп нускасы);
- ✓ ЖРТнын сертификаты;
- ✓ 3х4 өлчөмүндөгү 6 даана сүрөт;
- ✓ Паспорт же туулгандыгы жөнүндө күбөлүктүн көчүрмөсү;
- ✓ Аскердик билеттин же каттоо күбөлүгүнүн көчүрмөсү.

БИЗДИН ДАРЕК:
- ✓ **Ош шаары, Н.Исанов көчөсү, 73,**
- ✓ **Кабыл алуу комиссиясы 120-каб.,**
- ✓ **Телефон: (03222) 4-35-67**
- ✓ **Сайт: www.ogpi.kg,**
- ✓ **E-mail: priem_ogpi@mail.ru**

✆ (0779) 67-19-63; (0550) 67-19-63
✆ (0779) 98-00-88; (0502) 21-12-87
✆ (0776) 90-69-07; (0778) 49-46-87

2020-ЖЫЛДЫН 19-ИЮНУНДА БИШКЕК ШААРЫНДА КОЛ КОЮЛГАН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ МЕНЕН ЭЛ АРАЛЫК ӨНҮКТҮРҮҮ АССОЦИАЦИЯСЫНЫН ОРТОСУНДАГЫ «ШААРДЫ ӨНҮКТҮРҮҮ», «АЙЫЛДЫ СУУ МЕНЕН КАМСЫЗ КЫЛУУНУ ЖАНА САНИТАРИЯНЫ ТУРУКТУУ ӨНҮКТҮРҮҮ», «АЙЫЛ ЧАРБА ӨНДҮРҮМДҮҮЛҮГҮН ЖАНА ТАМАК-АШТЫ ЖАКШЫРТУУ», «ТОКОЙ ЭКОСИСТЕМАЛАРЫН ИНТЕГРАЦИЯЛАНГАН БАШКАРУУ» ДОЛБООРЛОРУН КАРЖЫЛОО, «АЙЫЛДЫ СУУ МЕНЕН КАМСЫЗ КЫЛУУНУ ЖАНА САНИТАРИЯНЫ ТУРУКТУУ ӨНҮКТҮРҮҮ» ДОЛБООРУН КОШУМЧА КАРЖЫЛОО ЖАНА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ МЕНЕН ЭЛ АРАЛЫК РЕКОНСТРУКЦИЯЛОО ЖАНА ӨНҮКТҮРҮҮ БАНКЫНЫН ОРТОСУНДАГЫ «ТОКОЙ ЭКОСИСТЕМАЛАРЫН ИНТЕГРАЦИЯЛАНГАН БАШКАРУУ» ДОЛБООРУН КАРЖЫЛОО ЖӨНҮНДӨ МАКУЛДАШУУЛАРГА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ МАКУЛДАШУУ-КАТТАРЫН РАТИФИКАЦИЯЛОО ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

2020-жылдын 25-июнунда Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган

1-берене

2020-жылдын 19-июнунда Бишкек шаарында кол коюлган Кыргыз Республикасы менен Эл аралык өнүктүрүү ассоциациясынын ортосундагы «Шаарды өнүктүрүү», «Айылды суу менен камсыз кылууну жана санитарияны туруктуу өнүктүрүү», «Айыл чарба өндүрүмдүүлүгүн жана тамак-ашты жакшыртуу», «Токой экосистемаларын интеграцияланган башкаруу» долбоорлорун каржылоо, «Айылды суу менен камсыз кылууну жана санитарияны туруктуу өнүктүрүү» долбоорун кошумча каржылоо жана Кыргыз Республикасы менен Эл аралык реконструкциялоо жана өнүктүрүү банкынын ортосундагы «Токой экосистемаларын интеграцияланган башкаруу» долбоорун каржылоо жөнүндө макулдашууларга өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу макулдашуу-каттары ратификациялансын.

2-берене

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги Эл аралык өнүктүрүү ассоциациясына жана Эл аралык реконструкциялоо жана өнүктүрүү банкына жогоруда көрсөтүлгөн макулдашуу-каттарын күчүнө кириши үчүн зарыл болгон мамлекеттик ички жол-жоболор Кыргыз Республикасы тарабынан аткарылганы жөнүндө кабарласын.

3-берене

Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Президенти **С.ЖЭЭНБЕКОВ**

Бишкек ш., 2020-жылдын 22-июлу, №87

ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**О РАТИФИКАЦИИ ПИСЕМ-СОГЛАШЕНИЙ О ВНЕСЕНИИ ИЗМЕНЕНИЙ В СОГЛАШЕНИЯ О ФИНАНСИРОВАНИИ ПРОЕКТОВ «ГОРОДСКОЕ РАЗВИТИЕ», «УСТОЙЧИВОЕ РАЗВИТИЕ СЕЛЬСКОГО ВОДОСНАБЖЕНИЯ И САНИТАРИИ», «УЛУЧШЕНИЕ СЕЛЬСКОХОЗЯЙСТВЕННОЙ ПРОИЗВОДИТЕЛЬНОСТИ И ПИТАНИЯ», «ИНТЕГРИРОВАННОЕ УПРАВЛЕНИЕ ЛЕСНЫМИ ЭКОСИСТЕМАМИ», О ДОПОЛНИТЕЛЬНОМ ФИНАНСИРОВАНИИ ПРОЕКТА «УСТОЙЧИВОЕ РАЗВИТИЕ СЕЛЬСКОГО ВОДОСНАБЖЕНИЯ И САНИТАРИИ» МЕЖДУ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКОЙ И МЕЖДУНАРОДНОЙ АССОЦИАЦИЕЙ РАЗВИТИЯ И ФИНАНСИРОВАНИИ ПРОЕКТА «ИНТЕГРИРОВАННОЕ УПРАВЛЕНИЕ ЛЕСНЫМИ ЭКОСИСТЕМАМИ» МЕЖДУ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКОЙ И МЕЖДУНАРОДНЫМ БАНКОМ РЕКОНСТРУКЦИИ И РАЗВИТИЯ, ПОДПИСАННЫХ 19 ИЮНЯ 2020 ГОДА В ГОРОДЕ БИШКЕК

Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 25 июня 2020 года

Статья 1

Ратифицировать письма-соглашения о внесении изменений в соглашения о финансировании проектов «Городское развитие», «Устойчивое развитие сельского водоснабжения и санитарии», «Улучшение сельскохозяйственной производительности и питания», «Интегрированное управление лесными экосистемами», о дополнительном финансировании проекта «Устойчивое развитие сельского водоснабжения и санитарии» между Кыргызской Республикой и Международной ассоциацией развития и финансировании проекта «Интегрированное управление лесными экосистемами» между Кыргызской Республикой и Международным банком реконструкции и развития, подписанные 19 июня 2020 года в городе Бишкек.

Статья 2

Министерству финансов Кыргызской Республики уведомить Международную ассоциацию развития и Международный банк реконструкции и развития о выполнении Кыргызской Республикой внутригосударственных процедур, необходимых для вступления в силу вышеуказанных писем-соглашений.

Статья 3

Настоящий Закон вступает в силу со дня официального опубликования.

Президент Кыргызской Республики **С.ЖЭЭНБЕКОВ**

г.Бишкек, 22 июля 2020 года, №87

“БАЙ-ТҮШҮМ” БАНКЫ АЧЫК АКЦИОНЕРДИК КООМУ

БАНК БАЙ ТҮШҮМ

2020-жылдын 25-августунда саат 10-00дө, Бишкек ш., Умөталиев к., 76 дарегинде “Бай-Түшүм” Банкы ААКнын башкы кеңсесинде, 5-кабатта акционерлердин жылдык жалпы жыйыны өткөрүлөрүн Сизге эскертет.

КҮН ТАРТИБИНЕ КИЙИНКИДЕЙ МАСЕЛЕЛЕР КИРГИЗИЛГЕН:

1. Акционерлердин жылдык жалпы жыйынынын эсептөө комиссиясынын курамын калыптандыруу жөнүндө.
2. “Бай-Түшүм” Банкы ААКнын 2019-жылдагы ишмердигинин жыйынтыктары жөнүндө жана финансылык пландын аткарылышы боюнча Башкармалыктын отчётун бекитүү.
3. Банктын Директорлор кеңешинин 2019-жылдагы ишмердиги боюнча отчётун бекитүү.
4. “Бай-Түшүм” Банкы ААКнын жылдык балансын, 2019-жылдагы кирешелери менен чыгашалары жөнүндө отчётун (тышкы аудитор тарабынан тастыкталган) бекитүү.
5. “Бай-Түшүм” Банкы ААКнын 2019-жылдагы кирешелерин бөлүштүрүү жана дивиденддерди төлөө жөнүндө. (“Бай-Түшүм” Банкы ААК капиталдын кошумча запасы боюнча регулятивдик талаптарды аткарбагандыгы үчүн кирешелерди бөлүштүрбөө жана дивиденддерди төлөбөө жөнүндө).
6. “Бай-Түшүм” Банкы ААКнын 2020-жылга финансылык планын (бюджетин) бекитүү.
7. 2020-жылга “Бай-Түшүм” Банкы ААКнын Тышкы аудиторун шайлоо.
8. Тышкы аудиторго сыйакынын өлчөмүн аныктоо.
9. 2019-жылдын 31-декабрында аяктоочу финансы жылы боюнча Банкалык топтун жалпылаштырылган отчёттуулугун аудиттөө үчүн Тышкы аудитор – “Бейкер Тилли Бишкек” ЖЧКнын кызматына кошумча акы төлөө жөнүндө.
10. “Бай-Түшүм” Банкы ААКнын Директорлор кеңеши жөнүндө жаңы редакциядагы Жобону бекитүү тууралуу.
11. “Бай-Түшүм” Банк ААКнын Директорлор кеңешинин мүчөлөрүнө сыйакыларды жана компенсацияларды төлөө жөнүндө Жобого киргизилген өзгөртүүлөрдү бекитүү жөнүндө.
12. “Бай-Түшүм” Банкы ААКнын Дивиденддик Саясатынын жаңы редакциясын бекитүү жөнүндө.
13. 2020-жылга “Бай-Түшүм” Банкы ААКнын Директорлор кеңешинин мүчөлөрүн шайлоо (шайлабоо) жөнүндө.
14. “Бай-Түшүм” Банкы Ачык акционердик коомунун жаңы редакциядагы Уставын бекитүү жөнүндө.
15. Жаңы редакциядагы Уставдын бекитилишине байланыштуу “Бай-Түшүм” Банкы ААКны мамлекеттик кайра каттоодон өткөрүү жөнүндө.

Жалпы жыйынга катышууга укуктуу акционерлердин тизмесин түзүү күнү **– 2020-жылдын 4-августу.**

Жыйынга катышууга шарты жок акционерлер Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык тариздеген ишеним кат берүү менен өз добуштарын ыйгарым укуктуу өкүлү аркылуу билдире алышат.

Акционерлер жыйынга паспорт, өкүлдөрү паспорт жана ишеним кат менен келүүлөрү керек.

Акционерлерди жана алардын өкүлдөрүн каттоо **2020-жылдын 25-августунда саат 9.00дө** башталат; каттоонун аякташы **– саат 10.00дө.**

Банктын акционерлеринин жалпы жыйынына тиешелүү материалдар менен иш күндөрү “Бай-Түшүм” Банкы ААКнын Корпоративдик катчысынан **Бишкек ш., Үмөталив к., 76** дареги боюнча тааныша аласыз.

Сурап-билүү телефону: +996 (555) 32-32-49.

ОТКРЫТОЕ АКЦИОНЕРНОЕ ОБЩЕСТВО БАНК «БАЙ-ТУШУМ»

Уведомляет Вас о проведении Годового Общего собрания акционеров, которое состоится 25 августа 2020 года в 10.00 ч. по адресу: г. Бишкек, ул. Уметалиева, 76, Головной офис ОАО Банк «Бай-Тушум», 5 этаж.

В ПОВЕСТКУ ДНЯ ВКЛЮЧЕНЫ СЛЕДУЮЩИЕ ВОПРОСЫ:

1. О формировании счетной комиссии Годового общего собрания акционеров.
2. Утверждение отчета Правления о результатах деятельности ОАО Банк «Бай-Тушум» и выполнении финансового плана за 2019 г.
3. Утверждение отчета о деятельности Совета директоров Банка в 2019 г.
4. Утверждение годового баланса, отчета о прибылях и убытках ОАО Банк «Бай-Тушум» за 2019 г. (подтвержденных внешним аудитором).
5. О распределении прибыли ОАО Банк «Бай-Тушум» и выплате дивидендов за 2019 г. (о нераспределении прибыли и невыплате дивидендов в связи с тем, что ОАО Банк «Бай-Тушум» не выполняет регулятивное требование по дополнительному запасу капитала).
6. Утверждение финансового плана (бюджета) ОАО Банк «Бай-Тушум» на 2020 год.
7. Избрание Внешнего аудитора ОАО Банк «Бай-Тушум» на 2020 г.
8. Определение размера вознаграждения Внешнему аудитору.
9. О дополнительной оплате за услуги Внешнего аудитора - ОсОО «Бейкер Тилли Бишкек» - за аудит консолидированной отчетности Банковской группы за финансовый год, закончившийся 31 декабря 2019 года.
10. Об утверждении новой редакции Положения о Совете директоров ОАО Банк «Бай-Тушум».
11. Об утверждении изменений в Положение о выплате вознаграждения и компенсации членам Совета директоров ОАО Банк «Бай-Тушум».
12. Об утверждении новой редакции Дивидендной Политики ОАО Банк «Бай-Тушум».
13. Об избрании (неизбрании) членов Совета директоров ОАО Банк «Бай-Тушум» в 2020 году.
14. Об утверждении новой редакции Устава Открытого акционерного общества Банк «Бай-Тушум».
15. О государственной перерегистрации ОАО Банк «Бай-Тушум» в связи с утверждением новой редакции Устава.

Дата составления списка акционеров, имеющих право на участие в общем собрании **– 4 августа 2020 года.**

В случае невозможности участия в Собрании акционеры могут передать право голоса уполномоченному представителю по доверенности, оформленной в соответствии с требованиями законодательства Кыргызской Республики.

Акционерам необходимо иметь при себе паспорт, их представителям - паспорт и доверенность.

Начало регистрации акционеров и их представителей **25 августа 2020 г. в 9.00 часов;** окончание регистрации **– 25 августа 2020 г. в 10.00 часов.**

С материалами Общего собрания акционеров Банка вы можете ознакомиться в рабочие дни у Корпоративного секретаря ОАО Банк “Бай-Тушум” по адресу: **г. Бишкек, ул. Уметалиева, 76.**

Телефон для справок +996 (555) 32-32-49

“БУРГУЛОО ЗАВОДУ” ААК

2020-жылдын 21-августунда саат 10.00дө Бишкек ш., Чокан Валиханов көч., 2 дарегинде акционерлердин жылдык жалпы чогулушун өткөрөт.

КҮН ТАРТИБИ:

1. Эсептөө комиссиясын шайлоо.
2. 2019-жыл үчүн финансылык-чарбалык иши жөнүндөгү Аткаруу органынын отчету, жылдык балансты, пайдалар жана зыяндар жөнүндөгү отчетторду бекитүү.
3. 2019-жыл үчүн Текшерүү комиссиясынын отчетун жана көз карандысыз аудитордун корутундусун бекитүү.
4. Привелегиялуу акциялар боюнча дивиденддерди төлөө жөнүндө.
5. Директорлор кеңешин шайлоо.
6. Текшерүү комиссиясынын курамын шайлоо.

Тизме түзүү күнү **– 2020-жылдын 21-августу.**

Чогулушка карата материалдар менен акционердик коомдон таанышууга болот. Каттоо **саат 9.00дө** башталат.

Акционерлерде ким экендигин күбөлөндүргөн документ, акционерлердин өкүлдөрүндө жана юридикалык жактарда ишеним кат жана паспорту болууга тийиш.

ОАО «ЗАВОД СВЕРЛ»

проводит годовое общее собрание акционеров, которое состоится 21 августа 2020 года в 10.00 часов по адресу: г.Бишкек, ул.Чокана Валиханова, 2. со следующей повесткой дня:

1. Избрание счетной комиссии.
2. Отчет Исполнительного органа о финансово-хозяйственной деятельности за 2019 год, утверждение годового баланса, отчет о прибылях и убытках.
3. Утверждение отчета Ревизионной комиссии за 2019 год и заключение независимого аудитора.
4. О выплате дивидендов по привилегированным акциям.
5. Избрание Совета директоров.
6. Выборы состава Ревизионной комиссии.

День списка - **21 августа 2020 года.**

С материалами к собранию можно ознакомиться в акционерном обществе.

Начало регистрации в **9.00 ч.**

Акционерам при себе иметь документ, удостоверяющий личность, представителям акционеров и юридических лиц - доверенность и паспорт.

Утерян свидетельства о праве частной собственности на земельный участок (доли) №006875 зарегистрированный 2006 г. с идентификационным кодом 7-08-13-0024-0126 принадлежащие на основании договора купли-продажи от 26.07.2007 г. №2136 на имя Турусбекова Акылбека Джусупбековича считать недействительным. Н-711

В связи с утерей гос. акта серии Ч №259362 от 11.05.2010 г. на имя Шамшиева Болотбека Толеновича считать недействительным. Н-713

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН

БУЙРУГУ

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2020-жылдын 2-июлундагы №139 «Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоону дайындоо жөнүндө» Жарлыгын ишке ашыруу, ошондой эле шайлоо комиссияларына шайлоо кампаниясын уюштуруу маселелерин чечүүдө жана материалдык-техникалык камсыз кылууда көмөк көрсөтүү максатында, «Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17-беренелерине **ылайык:**

1. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоону уюштуруу маселелерин чечүүдө жана материалдык-техникалык камсыз кылууда шайлоо комиссияларына көмөк көрсөтүү боюнча республикалык штаб тиркемеге ылайык курамда түзүлсүн.

2. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоону өткөрүүгө Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына зарыл болгон финансы каражаттарын республикалык бюджеттен өз убагында бөлүүнү камсыз кылсын.

3. Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлиги төмөнкүлөрдү камсыздоо боюнча чараларды көрсүн:

- Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоого даярдык көрүүнүн жана өткөрүүнүн жүрүшүндө мыйзамдуулукту, жарандардын укуктарын жана эркиндигин, шайлоого даярдык көрүү жана өткөрүү учурунда шайлоо участокторун кайтарууну, шайлоо бюллетендерин шайлоо участокторуна ташуунун жана жеткирүүнүн коопсуздугун;
- добуш берүү жана шайлоочуларды идентификациялоо үчүн жабдууларды коопсуз сактоону.

4. Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитети жана Кыргыз Республикасынын Маалыматтык технологиялар жана байланыш мамлекеттик комитети шайлоо процессинде колдонулуучу маалыматтык системалардын киберкоопсуздугун камсыздоого, ведомстволор аралык электрондук өз ара аракеттенүү системасы аркылуу маалыматтар менен алмашууга, ошондой эле электрондук башкаруу жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык маалыматтарды берүү процесстерин жүргүзүү үчүн үзгүлтүксүз жана коопсуз байланыш каналдары менен камсыздоого, Калктын бирдиктүү мамлекеттик реестринин негизинде шайлоочулардын тизмесин түзүүгө жана аны актуалдаштырууга Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына көмөк көрсөтүшсүн.

5. Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы, жергиликтүү мамлекеттик администрациялар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары (макулдашуу боюнча) менен бирдикте шайлоо процессинин этаптарынын өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен санитардык-эпидемиологиялык коопсуздукту жана жарандардын ден соолугун сактоону камсыз кылуу үчүн аракеттердин алгоритмин иштеп чыксын жана ишке ашырсын.

6. Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги:

- республиканын чегинен тышкары жүргөн Кыргыз Республикасынын жарандарынын тизмелерин тактоо боюнча зарыл иштерди жүргүзсүн жана шайлоочулардын такталган тизмелерин Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына берсин;
- санитардык-эпидемиологиялык коопсуздуктун жана жарандардын ден соолугун коргоонун талаптарын сактоо менен республиканын чегинен тышкары жашаган жана жүргөн Кыргыз Республикасынын жарандарына Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоого катышуу үчүн зарыл болгон шарттарды түзсүн;
- Кыргыз Республикасынын Транспорт жана жол министрлиги менен бирдикте Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо боюнча документтерди жана тиешелүү жабдууларды Кыргыз Республикасынын чет өлкөлөрдөгү мекемелерине өз убагында жана ыкчам жеткирүүнү уюштурсун.

7. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Экологиялык жана техникалык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекция жана Кыргыз Республикасынын Өнөр жай, энергетика жана жер казынасын пайдалануу мамлекеттик комитети шайлоо комиссияларына бөлүнгөн бардык жайларга алардын өрт жана энергетика коопсуздугунун талаптарына шайкештигин текшеришсин жана электр энергиясы менен үзгүлтүксүз жабдууну камсыздашсын.

8. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрү, Бишкек жана Ош шаарларынын мэрлери (макулдашуу боюнча), жергиликтүү мамлекеттик администрация башчылары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдары (макулдашуу боюнча):

- Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоону өткөрүүнүн уюштуруу маселелерин чечүүдө жана материалдык-техникалык камсыз кылууда шайлоо комиссияларына көмөк көрсөтүү боюнча тиешелүү штабдарды түзүшсүн;
- шайлоо комиссиялары үчүн жай бөлүп берүү, аларды автотранспорт, материалдык-техникалык каражаттар жана байланыш менен камсыз кылууга байланышкан маселелерди чечишсин;
- шайлоочулардын тизмесин түзүү жана тактоо боюнча тиешелүү органдардын жана шайлоо комиссияларынын ишине көмөк көрсөтүшсүн;
- жарандардын санитардык-эпидемиологиялык коопсуздугун камсыз кылуу жана ден соолугун коргоо боюнча зарыл чараларды көрүшсүн;
- жарандардын сын-пикирлерин, арыздарын, өтүнүчтөрүн жана шайлоо комиссияларынын сунуштарын өз убагында кароону уюштурушсун;
- шайлоо процесси менен байланышкан уюштуруу жана башка чараларды көрүшсүн.

9. Кыргыз Республикасынын Маалыматтык технологиялар жана байланыш мамлекеттик комитети Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоону өткөрүүгө байланышкан жүктөрдү шайлоо комиссияларына биринчи кезекте жеткирүүнү камсыз кылсын.

10. Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүнүн Генералдык штабы (макулдашуу боюнча), Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлиги, Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлиги, Кыргыз Республикасынын Коргоо иштери боюнча мамлекеттик комитети, Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитети, Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик чек ара кызматы, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жазаларды аткаруу мамлекеттик кызматы Кыргыз Республикасынын жарандарынын шайлоо укуктарын камсыз кылууда шайлоо комиссияларына көмөк көрсөтүшсүн:

- Кыргыз Республикасынын тиешелүү органдарында кызмат өтөп жаткандардын;
- шектүү жана айыпталуучу катары камакка алуу жайларында жүргөндөрдүн.

11. Кыргыз Республикасынын Коомдук телерадиоберүү корпорациясы (макулдашуу боюнча), Кыргыз Республикасынын «ЭлТР» мамлекеттик телерадиоберүү компаниясы, «Кыргыз-Туусу», «Слово Кыргызстана» басма үйлөрү жана «Эркин Тоо» гезитинин редакциясы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоону даярдоонун жана өткөрүүнүн жүрүшүн чагылдырышсын.

12. «Радиорелейлик магистралдарынын телекөрсөтүү жана радиоктуруу боюнча республикалык өндүрүштүк бирикмеси» ачык акционердик коомуна Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоону өткөрүү күнү телерадиоберүүнүн үзгүлтүксүз иштөөсүн камсыз кылуу сунушталсын.

13. Ушул буйруктун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын уюштуруу-инспектордук иштер жана региондук өнүктүрүү бөлүмүнө жүктөлсүн.

Премьер-министр **К.БОРОНОВ**

Бишкек шаары., 2020-жылдын 22-июлу, № 258-б

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА "ЖАШЫЛ" ЭКОНОМИКАНЫ ӨНҮКТҮРҮҮНҮН 2019-2023-ЖЫЛДАРГА ПРОГРАММАСЫН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН

ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасында "жашыл" экономиканы өнүктүрүү максатында, "Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтү **токтом кылат:**

1. Төмөнкүлөр бекитилсин:

- Кыргыз Республикасында "жашыл" экономиканы өнүктүрүүнүн 2019-2023-жылдарга программасы (мындан ары - Программа), 1-тиркемеге ылайык;
- Кыргыз Республикасында "жашыл" экономиканы өнүктүрүүнүн 2019-2023-жылдарга программасын ишке ашыруу боюнча иш-чаралар планы (мындан ары - План), 2-тиркемеге ылайык;
- Кыргыз Республикасында "жашыл" экономиканы өнүктүрүүнүн 2019-2023-жылдарга программасынын индикаторлорунун матрицасы, 3-тиркемеге ылайык.

2. Иш-чаралар планын жүзөгө ашырууга катышкан министрликтер, мамлекеттик комитеттер жана административдик ведомстволор, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрү, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары (макулдашуу боюнча) жана уюмдар (макулдашуу боюнча):

- Планды өз убагында аткаруу жана Программанын индикаторлоруна жетүүнү камсыздашсын;
- жарым жылдыктын жыйынтыгы боюнча, отчеттук мезгилден кийинки айдын 15ине чейин Кыргыз Республикасынын Экономика министрлигине Планды ишке ашыруунун жүрүшү жөнүндө маалымат беришсин.

3. Кыргыз Республикасынын Экономика министрлиги жарым жылдыктын жыйынтыгы боюнча, отчеттук мезгилден кийинки айдын 25ине чейин Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратына Планды ишке ашыруунун жүрүшү жөнүндө маалымат берсин.

4. Ушул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын экономика жана инвестициялар бөлүмүнө жүктөлсүн.

5. Ушул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Премьер-министр **М.АБЫЛГАЗИЕВ**

Бишкек шаары, 2019-жылдын 14-ноябры, №605

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2020-ЖЫЛДЫН 14-ФЕВРАЛЫНДАГЫ №81 «АЙЫЛ ЧАРБАСЫН КАРЖЫЛОО - 8» ДОЛБООРУН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ» ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН

ТОКТОМУ

«Айыл чарбасын каржылоо - 8» долбоорунун кредиттик каражаттарын натыйжалуу пайдаланууну максатында, «Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтү **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 14-февралындагы №81 «Айыл чарбасын каржылоо - 8» долбоорун бекитүү жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

аталган токтом менен бекитилген «Айыл чарбасын каржылоо - 8» долбоорунда:

- 1-главасынын таблицасынын «Каржылоо түзүмү» сабы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“

Каржылоо түзүмү	1. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан каржыланууучу жана "Айыл Банк" ААК менен "РСК Банк" ААК тарабынан кошо каржыланууучу каражаттар төмөнкүлөргө кредит берүүгө багытталат: 1) тамак-аш жана кайра иштетүү өнөр жайы ишканаларына жана «АЧК - Кластер» - 1 200 млн сом (600 млн сом - республикалык бюджет, 300 млн сомдон - банктардын кошо каржылоосу); 2) данды жана азык-түлүк буудайын кайра иштетүүчү ишканалар - 400,0 млн сом (республикалык бюджет) 2. «АЧК - Фермер» категориясы (субсидиялоо): 1) мал чарбасы - 50%дан кем эмес; 2) өсүмдүк өстүрүү, бак өстүрүү — 50%дан ашык эмес

”.

2. Ушул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

Премьер-министр **К.БОРОНОВ**

Бишкек шаары, 2020-жылдын 9-июлу, №370

ИЛИМИЙ ИЗИЛДӨӨЛӨРДҮ ЖҮРГҮЗҮҮ ҮЧҮН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АЙМАГЫНА КАРАНТИНДИК ТИРҮҮ ОБЪЕКТТЕРДИ, ЖЕР КЫРТЫШЫН ЖАНА ТОПУРАКТЫ ТАШЫП КИРҮҮ ЭРЕЖЕЛЕРИН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН

ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын аймагында карантиндик фитосанитардык коопсуздукту камсыздоо жана Евразия экономикалык бирлигинин укугун түзүүчү актылар менен белгиленген тартиптерди колдонуу максатында, Евразия экономикалык комиссиясынын Кеңешинин 2016-жылдын 30-ноябрындагы №157 чечими менен бекитилген Евразия экономикалык бирлигинин бажы чек арасында жана бажы аймагында карантинге алынуучу продукцияларга жана карантиндик объекттерге коюлуучу бирдиктүү карантиндик фитосанитардык талаптарга жана Бажы бирлигинин комиссиясынын 2010-жылдын 18-июнундагы №318 чечими менен бекитилген Евразия экономикалык бирлигинин бажы чек арасында жана Евразия экономикалык бирлигинин бажы аймагында карантиндик фитосанитардык контролдон (көзөмөлдөн) өтүүгө тийиш болгон карантинге алынган продукциялардын (карантинге алынган жүктөрдүн, карантинге алынган материалдардын, карантинге алынган товарлардын) тизмегине, "Өсүмдүктөрдүн карантини жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 9-беренесине, "Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтү **токтом кылат:**

1. Илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү үчүн Кыргыз Республикасынын аймагына карантиндик тирүү объекттерди, жер кыртышын жана топуракты ташып кирүү эрежелери тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Ушул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Премьер-министр **К.БОРОНОВ**

Бишкек шаары, 2020-жылдын 9-июлу, №372

АЙЫЛ ЧАРБА КАНАТТУУЛАРЫ ЖАНА БАЛЫК ҮЧҮН ТОЮТТАРДЫ ӨНДҮРҮҮГӨ ЧИЙКИ ЗАТТЫ ТАШЫП КЕЛҮҮДӨ ТӨЛӨНГӨН ИМПОРТКО КОШУМЧА НАРК САЛЫГЫНЫН СУММАСЫН КАЙРА КАЙТАРУУНУН ТАРТИБИН ЖАНА ШАРТТАРЫН БЕКИТҮҮ ЖАНА ИМПОРТКО КОШУМЧА НАРК САЛЫГЫНЫН СУММАСЫ БЮДЖЕТТЕН КАЙРА КАЙТАРЫЛУУГА ТИЙИШ БОЛГОН АЙЫЛ ЧАРБА КАНАТТУУЛАРЫ ЖАНА БАЛЫК ҮЧҮН ТОЮТТАРДЫ ӨНДҮРҮҮГӨ КОЛДОНУЛУУЧУ ЧИЙКИ ЗАТТЫН ТОВАРДЫК ПОЗИЦИЯЛАРЫНЫН ТИЗМЕСИН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН

ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 281[1]-беренесин ишке ашыруу максатында, "Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтү **токтом кылат:**

1. Төмөнкүлөр бекитилсин:

- Айыл чарба канаттуулары жана балык үчүн тоюттарды өндүрүүгө чийки затты ташып келүүдө төлөнгөн импортко кошумча нарк салыгынын суммасын кайра кайтаруунун тартиби жана шарттары, 1-тиркемеге ылайык;
- Импортко кошумча нарк салыгынын суммасы бюджеттен кайра кайтарылууга тийиш болгон айыл чарба канаттуулары жана балык үчүн тоюттарды өндүрүүгө колдонулуучу чийки заттын товардык позицияларынын тизмеси (мындан ары - Тизме), 2-тиркемеге ылайык.

2. Тизме 2024-жылдын 1-январына чейин колдонула тургандыгы белгиленсин.

3. Кыргыз Республикасынын Айыл чарба, тамак-аш өнөр жайы жана мелиорация министрлиги:

- бир айлык мөөнөттө салык төлөөчүнүн статусун жана өндүрүштүк көрсөткүчтөрүн ырастоо боюнча комиссиянын иштөө регламентин жана чарба жүргүзүүчү субъекттердин реестрин түзүү тартибин иштеп чыксын жана бекитсин;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик салык кызматы менен биргеликте айыл чарба канаттуулары жана балык үчүн тоюттарды өндүрүүгө чийки затты ташып келүүдө төлөнгөн импортко кошумча нарк салыгынын суммасын кайра кайтаруунун натыйжалуулугуна туруктуу негизде талдоо жүргүзсүн жана 2023-жылдын 1-июлуна чейинки мөөнөттө Тизмени кайра кароо боюнча сунуштарды Кыргыз Республикасынын Экономика министрлигине киргизсин.

4. Кыргыз Республикасынын Экономика министрлиги 2023-жылдын 1-ноябрына чейинки мөөнөттө Тизмени кайра кароо боюнча тийиштүү чечимдин долбоорун иштеп чыксын жана белгиленген тартипте Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө киргизсин.

5. Ушул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын финансы жана кредит саясаты бөлүмүнө жүктөлсүн.

6. Ушул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Премьер-министр **К.БОРОНОВ**

Бишкек шаары, 2020-жылдын 9-июлу, №374

ЗАО МФК "ЭЛЕТ-КАПИТАЛ"

ОТЧЕТ О ФИНАНСОВОМ ПОЛОЖЕНИИ
на 30 июня 2020 г. (включительно)

ед. изм: тыс.сом

	На 30.06.2020	На 31.12.2019
Активы		
Денежные средства и их эквиваленты	62 281	92 350
Производный финансовый актив	32 832	11 048
Ценные бумаги, удерживаемые до погашения	13 109	
Кредиты выданные	1 244 017	1 071 270
Основные средства	12 733	13 292
Нематериальные активы	502	428
Отложенное налоговое требование	1 405	1 405
Прочие активы	3 393	3 036
Активы по финансовой аренде	5 723	7 338
Итого активов	**1 375 995**	**1 200 167**
Обязательства		
Кредиты полученные	1 079 031	925 735
Прочие обязательства	7 955	8 732
Обязательства по финансовой аренде	7 184	8 065
Итого обязательств	**1 094 170**	**942 532**
Капитал		
Простые акции (полностью оплаченный уставный капитал)	154 934	154 934
Нераспределенная прибыль	126 891	102 701
Итого капитала	**281 825**	**257 635**
Итого обязательств и капитала	**1 375 995**	**1 200 167**

ОТЧЕТ О СОВОКУПНОМ ДОХОДЕ
на 30 июня 2020 г. (включительно)

ед. изм: тыс.сом

	На 30.06.2020	На 31.12.2019
Процентные доходы	190 014	327 413
Процентные расходы	(70 679)	(113 716)
Чистый процентный доход до вычета убытка от обесценения по процентным активам	**119 335**	**213 697**
Убыток от обесценения по процентным активам	**(14 814)**	**(19 985)**
Чистый процентный доход	**104 521**	**193 712**
Прочие доходы	774	2 195
Общие административные расходы	(68 706)	(134 712)
Убыток от операций с производными финансовыми инструментами	(9 788)	(11 070)
Доход от операций с иностранной валютой	94	152
Прибыль до налога на прибыль	**26 895**	**50 277**
Расходы по налогу на прибыль	(2 705)	(5 078)
Чистая прибыль и итого совокупного дохода за период	**24 190**	**45 199**

ОТЧЕТ О ДВИЖЕНИИ ДЕНЕЖНЫХ СРЕДСТВ
на 30 июня 2020 г. (включительно)

ед. изм: тыс.сом

	На 30.06.2020	На 31.12.2019
Операционная деятельность		
Проценты полученные	159 642	334 194
Проценты уплаченные	(76 196)	(98 790)
Административные расходы	(69 964)	(134 591)
(Увеличение)/ уменьшение операционных активов:		
Кредиты выданные	(852 082)	(1 533 431)
Кредиты погашенные	699 300	1 212 776
Прочие активы	(2 211)	(1 605)
Увеличение (уменьшение) операционных обязательств:		
Прочие обязательства	(3 793)	(6 702)
Чистый поток денежных средств от операционной деятельности до уплаты налога на прибыль	**(145 304)**	**(228 149)**
Налог на прибыль уплаченный	(2 600)	(6 368)
Чистый поток денежных средств от операционной деятельности	**-147 904**	**-234 517**
Инвестиционная деятельность		
Покупка основных средств и нематериальных активов	(1 457)	(5 684)
Увеличение депозитов в коммерческих банках	(26 313)	(160 450)
Уменьшение депозитов в коммерческих банках	17 628	34 845
Приобретение ценных бумаг, удерживаемые до погашения	-13 109	
Чистый поток денежных средств от инвестиционной деятельности	**(23 251)**	**(131 289)**
Финансовая деятельность		
Поступления от кредитов полученных	297 078	750 542
Выплаты по кредитам полученным	(156 039)	(324 529)
Гранты полученные	330	907
Чистый поток денежных средств от финансовой деятельности	**141 369**	**426 920**
Убыток от курсовой разницы по денежным средствам и их эквивалентам	(283)	(3)
Чистый прирост (уменьшение) денежных средств и их эквивалентов	**(30 069)**	**61 111**
Денежные средства на начало отчетного периода	**92 350**	**31 239**
Денежные средства на конец отчетного периода	**62 281**	**92 350**

ОТЧЕТ ОБ ИЗМЕНЕНИЯХ В СОБСТВЕННОМ КАПИТАЛЕ
на 30 июня 2020 г. (включительно)

ед. изм: тыс.сом

	уставный капитал	нераспределенная прибыль	итого
На 31.12.2018 г.	**154 934**	**58 077**	**213 011**
Корректировка в связи с переходом на МСФО 16 на 01.01.2019 г.		-575	-575
Итого совокупный доход за период, закончившийся 31.12.2019 г.	-	45 199	45 199
На 31.12.2019 г.	**154 934**	**102 701**	**257 635**
Итого совокупный доход за период, закончившийся 30.06.2020 г.	-	24 190	24 190
На 30.06.2020 г.	**154 934**	**126 891**	**281 825**

Председатель Правления-Генеральный директор **КАМЧЫБЕКОВ Э.С.**

Главный бухгалтер **ТАЗАБЕКОВА Н.Ч.**

С/О-145

Качкынбай БООБЕКОВ

Кыргызстандын сот системасы оор жоготууга учурады. 83 жаш курагында Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун мурдагы төрагасы, Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген юристи Бообеков Качкынбай Жетибаевич узакка созулган оорудан кийин дүйнөдөн кайтты.

Бообеков Качкынбай Жетибаевич 1937-жылдын 1-январында Чүй облусунун Кемин районундагы Боролдой айылында туулган. 1965-жылы Кыргыз мамлекеттик университетин аяктаган. 1989-жылга чейин Кемин райондук сотунда катчы, Ош облустук сотунда судья, Балыкчы шаардык сотунда судья, төрага, Нарын облустук сотунун төрагасынын орун басары, Ысык-Көл облустук сотунун төрагасынын орун басары болуп эмгектенген. Жогорку соттун мүчөсү болгон.

1991-жылы Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун төрагалыгына шайланып, 1995-жылга чейин жетектеген.

Эгемендүү Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун алгачкы төрагасы болуп Бообеков Качкынбай Жетибаевич эсептелет.

Бообеков Качкынбай Жетибаевич төрагалык кылып турган мезгилде сот бийлигинин көз карандысыздыгын жана соттордун ролун күчөтүү боюнча маанилүү кадамдар жасалган.

Ал 1996-2002-жылдары Бишкек шаарынын Свердлов райондук сотунун төрагасы болуп иштеген.

2002-2007-жылдары Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун судьясы болгон.

Кесипкөйлүгү жана жасаган эмгектери ар кандай мамлекеттик сыйлыктарга татыган.

Ал өлкөбүздүн сот системасынын өнүгүшүнө эбегейсиз зор салымын кошту.

Жакындарынын жана туугандарынын орду толгус оор жоготуу аза кайгысын тең бөлүшөбүз.

Жээнбеков С.Ш., Жумабеков Д.А., Боронов К.А., Калиева Г.У., Жамшитов О.А., Жунушалиев К.А., Жаманкулов М.Т., Керезбеков К.К., Дүйшеев К.А., Асанова Н.М., Бокоев К.А., Токбаева А.А., Атаназаров Н.А., Барыктабасова Э.Б., Бакирова Н.Ж., Алыбаев А.А., Онолбеков Д.М., Калыбаев У.Ж., Алиева Г.С., Боромбаев М.И., Абылдаев А.Ж., Дуйшенбекова М.М., Кожобекова Г.Т.

ОАО «Бишкек-нан» имени Шеримкулова К.Ш.

СООБЩАЕТ, О ТОМ,

что в составе Совета директоров произошли изменения, в связи со смертью досрочно прекращены полномочия члена Совета директоров ***Каракетова Казима Мудалифовича****.*

Подразделение службы судебных исполнителей Аламудунского района

ОБЪЯВЛЯЕТ ПОВТОРНОГО АУКЦИОНА
на заложенное недвижимое имущество

принадлежащего ИП Жусупбекова Эмилбека Каракойчиевича на заложенное имущество - земельный участок, мерою - 400 кв.м, расположенного по адресу: Аламудунский район, село Нижняя Ала-Арча, улица Зеленая, уч. 32 (идентификационный код №7-01-12-1001-3466) принадлежащего залогодателю Жусупбекову Эмилбеку Каракойчиевичу, на основании договора купли-продажи за №2016/14585 от 12 мая 2016 года, государственного акта о праве собственности на земельный участок №4489535 от 12 мая 2016 года, со стартовой ценой 374 000 сом.

Торги состоятся по месту нахождения ПССИ Аламудунского района **28 августа 2020 года в 10.00 часов** по адресу: **г.Бишкек, улица Ахунбаева, 119 а.**

Для участия в торгах необходимо внести **5 (пять)%** от стартовой цены недвижимого имущества, на р/сч. Центральная казначейства БИК **440001**, на лицевой счет ПССИ Аламудунского района **4403012100000388**, код **14238900**.

Справки по телефонам: (0312) 60-31-34, (организатор торгов судебный исполнитель ПССИ Аламудунского района Талгарбеков М.Т.). С/О-144

ЖОГОЛДУ
УТЕРЯ

